АРДАКТУУ ҮГҮТ ИШИНИН ЖОБОСУ

ТУУРА ҮГҮТ ИШИН НЕГИЗДӨӨГӨ АРНАЛГАН

ХИШАМ АЛЬ-ТАЛИБ

АРДАКТУУ ҮГҮТ ИШИНИН ЖОБОСУ

ТУУРА ҮГҮТ ИШИН НЕГИЗДӨӨГӨ АРНАЛГАН



Ислам ойлору Эл аралык институту (ИИТ)

Бишкек - 2021

УДК
ББК

Китептин автору: Хишам аль-Талиб
Китепти которгон: Мамелова Рита - Б.:2021. - 80 б.
Китептин редактору: Беделбек кызы Вера

Бул китеп автордук укук менен корголгон. Жамааттык лицензиялык келишимде колдонулуучу юридикалык өзгөчөлүктөрдү жана жоболорду эске албаганда, китептин бир дагы бөлүгү басмакананын жазуу жүзүндөгү уруксатысыз басылып чыгарылбайт. Бул китепте айтылган көз караштар жана ой-пикирлер сөзсүз түрдө автордун же басмакананын көз карашын чагылдырбайт. Тышкы жана чет өлкөлүк вебсайттарда, жарыялоочу URL даректеринин тактыгы үчүн жооп бербейт жана мындай сайттардагы материалдардын так же актуалдуу экенине кепилдик бербейт.

Бул китеп Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгы
тарабынан тастыкталган №-30 «23»__03__2021-жыл.

Ардактуу үгүт ишинин жобосу (Kyrgyz)
Хишам аль-Талиб

© Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)
1442 AH / 2021 CE
Paperback ISBN:

Inviting to Islam: Ethics of Engagement (Kyrgyz)
Hisham Altalib

The International Institute of Islamic Thought (IIIT)
1436 AH / 2014CE
ISBN 978-1-56564-659-9 Limp
IIIT
P.O.Box 669
Herndon, VA 20172, USA www.iiit.org

Бардык укуктар корголгон

УДК
ББК
© *Хишам аль-Талиб,* 2021

МАЗМУНУ

Экинчи басылыштын кириш сөзү.....7
Биринчи басылыштын кириш сөзү.....9
Жобонун айланасындагы ойлор.....17

БИРИНЧИ БӨЛҮМ: Биз чакырган Ислам 19
1. Кудайдын жалгыздыгына болгон толук ишеним 20
2. Алланын жалгыздыгына ишенүүнүн жана биримдиктин дини...21
3. Баштапкы булактарга кайтуу.....22
4. Ислам - Алланын дини жана жашоонун бардык жаатгарын өзүнө камтып турат.....22
5. Сыйынуунун маанисинин кенендиги.....23
6. Исламдагы бир туугандык.....23
7. Күчтүү момун.....24
8. Динди жасалма тутунуудан сактануу.....24
9. Моюн сунуу жана күнөө кылуу 25

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ: Ислам көйгөйлөрү (маселелери).....26
10. Үй-бүлөнүн исламдагы орду.....27
11. Аялдын исламдагы орду 27
12. Исламдагы эркиндик.....28
13. Исламдагы адам укуктары.....28
14. Исламдагы бир туугандык.....28
15. Бири-бирин толуктоо.....29

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ: Жеке жана уюм деңгээлинде үгүт ишин алып баргандар ортосундагы байланыш.....30
16. Үгүт ишин алып баруудагы бири-бирин толуктоо.....31
17. Адистикти сыйлоо.....31
18. Үгүт ишин алып барган адам, анын туура орун-максаты.....31
19. Бирдиктүү кең жол.....32
20. Идеялык бирдиктүүлүк.....32
21. Мусулмандар тобу.....33
22. Расмий жана коомдук иштер.....33
23. Уюмдар алып барган иштер 33
24. Топто иштей билүү жөндөмү 34
25. Кеңешүү.....34
26. Иштин тынчтыктын негизинде жүрүшү 34

27. Талап кылынган өзгөчөлүк.....35
28. Ыйыктык даражасына көтөрүү эмес, кадырлоо.....35
29. Башкаларга жылуу мамиле кылуу.....36
30. Ката кетирүүдөн алыс болуу сыпатын өзүбүзгө гана тиешелүү деп эсептейбиз 36

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ: Үгүт ишин алып барууну өнүктүрүү жана бул жаатта иштегендердин жөндөмдүүлүктөрүн жогорулатуу 37
31. Максаттарды тактоо.....38
32. Келечекке карай.....38
33. Көрөгөч жаңылануулардыкиргизүү.....39
34. Өз күчүнө таянуу.....40
35. Ээрчүүгө татыктуу өрнөк 40
36. Талап кылынбаган даража.....40
37. Артыкчылык көрсөтүү.....41
38. Баш тартууга мүмкүн болбой турган нерселер.....41
39. Нарцисчилдер (өзүн-өзү сүйгөндөр) 42
40. Позитивдүүлүк 42
41. Таасир берүү жана кызыгуу чөйрөлөрү 43
42. Адамзаттын жоопкерчилиги.....43
43. Алар жооптуу 44
44. Отчеттуулуктун маанилүүлүгү 44

БЕШИНЧИ БӨЛҮМ. Үгүт түшүнүгү 45
45. Жамааттык аракеттенүү түшүнүгү 46
46. Айырмачылыктар түшүнүгү 46
47. Диний агымга тиешелүү болуу түшүнүгү 47
48. Максаттар түшүнүгү 48
49. Маанилүүлүгү жагынан алдыңкы орунда турган нерселер түшүнүгү 48
50. Адилеттүүлүк жана орточенемдүүлүк түшүнүгү.....49
51. Пайдалуу жана зыян нерселер жөнүндө түшүнүк.....50
52. Алланын мыйзамдары жөнүндө түшүнүк 50
53. Бара-бара өнүгүү түшүнүгү.....51
54. Этаптуулук түшүнүгү.....51
55. Тандоо түшүнүгү.....51
56. Козголондорго татыктуу мамиле кылуу түшүнүгү 52

АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ. Иш алып баруу ыкмаларына байланыштуу көйгөйлөр 54
57. Ислам жана үгүт иши.....55
58. Эң туура жол.....55
59. Көпчүлүктү үгүттөө иши.....55
60. Курандан алынган негиздер - биз таянуучу булак 56
61. Улантуу.....56
62. Түшүнүктүү китептер 56
63. Кооптуу нерселерди сезүүнү күчөтүү.....57
64. Чын ыкластуулук жана туура иш.....57
65. Туура өлчөмдөгү эр жүрөктүүлүк.....58
66. Алдыга умтулууга өбөлгө түзгөн эр жүрөктүк.....59
67. Артка чегүүнүүгө өбөлгө түзгөн эр жүрөктүк.....59
68. Талап кылынган токтоолук.....60
69. Атаандаштардын эмес, аталган нерселердин маанилүүлүгү.....60
70. Биздин коомдор мусулман коомдор.....60
71. Исламды жаңы кабыл алгандар 61
72. Жеңиштер жана жеңилүүлөр.....61
73. Козголоңдор жана согуштар тууралуу хадистерге болгон мамилебиз.....62
74. Келечек исламдыкы.....62

ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ. Максаттар жана колдонулган куралдар.....64
75. Максаттар жана кодонулган куралдар.....65
76. Акылдууларга көңүл бөлүү 65
77. Диалог жүргүзүүнүн адеби 65
78. Начары маанилүүрөөк болгон учурда керектүү шаттык.....65
79. Талаш-тартышка жол жок 66
80. Араб тилинин маанилүүлүгү.....66
81. Курал жана максат биргеликте 67

СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ. Үгүт ишине байланыштуу эскертүүлөр.....68
82. Кызмат эмес, милдет.....69
83. Башкаруу негиздери.....69
84. “Өзгөртүүнүн” жалган убадалары.....69
85. Реформатордук реакция.....70
86. Акылдын пайдасыз маалыматтарга бай толушу.....70

87. Фанатизм жана кимдир бирөөнүн тарабына өтүү.....71
88. Сыймыктануу.....71
89. Дин эмес, каада-салт.....72
90. Чегинүү, өзүн-өзү таштоо, алсыздык.....72
91. Пайдасыз жана жоготууга алып келүүчү сөздөр.....73
92. Чоң жөндөмсүздүк.....74
93. Сырдуулуктун коркунуч туудурган жактары.....74
94. Исламга каршы жүргүзүлгөн күрөштү жалпылаштыруу коркунучтары.....75
95. Исламга зыян келтирүү аракеттерин жасоо.....75
96. Пайдалуу карама-каршылыктар.....76

Соңку сөз 77
Терминдердин сөздүгү.....79

ЭКИНЧИ БАСЫЛЫШТЫН КИРИШ СӨЗҮ

Чын ыклас, сергек акыл-эс, курч аң-сезимге таянып, окуяларга бай ушул жылдардан мүмкүн болгон сабакты алып даярдалган биринчи басылышынан он жыл өткөн соң, кайрадан жобого кайтуу анын Кудуреттүү жана Улуу Алланын ыраазычылыгын каалап, жамааттык, партиялык, региондук, улуттук негизде бөлүнүүдөн алыс, жалпы мусулман коомчулугунун кызматын көздөгөн, жалпыга колдонууга, жетишкендиктерди белгилеп, кетирилген кемчиликтерге, каталарга көңүл буруп, аларды оңдоого сунушталган иш кагазы катары сыпаттоого мүмкүн болгон, тышкы көрүнүштөн мурун маңызын, колдонулган ыкмадан мурун максатын, формасынан мурун мазмунун өйдө койгон даанышмандыкка ээ болгон жакшы иш экендигин тастыктайт.

Мына ушундай жакшы маанайда китептин экинчи басылышы даярдалды. Анда маанилүү эрежелерге кошумчалар, маанилердин тактыгын, жагымдуулугун жогорулатыш үчүн кээ бир сөздөрдүн өзгөртүлүшү, кээ бир жерде толуктоолор, кээ биринде кыскартуулар жана башка иш-аракеттер жүрүп, анын негизинде биринчи басылышына караганда жакшыраак чыкты. Балким, үчүнчү басылышы биринчи экөөнөн да жакшыраак болот.

Жобо жогорку даражадагы мактоого арзыды. Бул жерде улуу урматтуу устаз Аль-Салих Салих Аль-Хусайиндин (ага Алланын ырайымы болсун) мактоосуна татыктуу болгондугун эскертип өтүү менен чектелебиз. Анын мактоосу кадыр-барк, сыйга татыйт, анткени бул мактоонун ээси бийик аң-сезим, сейрек кездешүүчү чын ыкластуулук, бул дүйнө жыргалчылыктарынан ыктыярдуу баш тарткандыгына кошумча терең ой жүгүрткөн, дүйнөлүк шариат укугунда өз орду бар, юрист адамдын тактыгына ээ болгон, ошондой эле ислам жаатындагы иштин жетишкендиктерин жана кемчиликтерин жакшы деңгээлде билгендиги, жогорку адеп-ахлактуулугунун негизинде башкаларды татыктуу болбогон нерсе менен аз да, көп да мактоодон алыс болгондугу менен белгилүү адам. Ага Алланын ырайымы болсун жана мусулмандарга анын ордун баса турган андан да жакшы адамды буюрсун. Ошондой эле мен да бул эмгегимди кемчиликсиз деп айтуудан алысмын, себеби бул нерсе Алланын элчилерине жана пайгамбарларына таандык. Кимде-ким бардыгын билем деп ойлогон болсо, демек ал өзүн билбейт, анткени, илим - жээги жок деңиз сымал. Ушул жерден бул сөздөрдү мисал келтире кетем: «Кимдир бирөө бүгүн китеп жазган болсо, ал эртеси күнү сөзсүз «мунусун өзгөртсөм жакшы болмок, тигинисин кошсом жакшы болмок, бул нерседен мурун муну жазсам, ушул жерин таштап эле койсом кана», - деп айтмак экендигин билдим. Бул өтө чоң сабактардын бири жана кемчилик кетирүү жалпы адамзатынатаандык экендигинин белгиси».[1]

[1] Бул сөздөр Абдуррахим аль-Байсаниге таандык экендиги айтылат.

Оо, Алла, Сен (бадык кемчиликтүү сыпаттардан) тазасың. Сага даңк! Мен Сенден башка сыйынууга татыктуу эч бир Кудай жок деп күбөлүк берем. Мен Сенден кечирим сурайм. Жалгыз Сага гана тообо кылам.

Оо, Алла, пайгамбарыбыз Мухаммед, анын үй-бүлөсүн жана сахабаларын ырайым кыл жана көп саламаттык бер.

Хишам аль-Талиб
хижра жылынын 1440-жылы
григориан жыл санагы боюнча 2019-жыл

БИРИНЧИ БАСЫЛЫШТЫН КИРИШ СӨЗҮ

Ислам дүйнөсүндө диний жаатта ар тараптуу ойгонуу болуп жатат. Бул оң көрүнүш - мусулман коомчулугунун ойгоо экендигинин, кош көңүлдүктөн айрылгандыгынын, өзүнүн жоопкерчилигин сезгендигинин, дини менен сыймыктангандыгынын, өнүгүүдөн артта калгандыгынан арылууну каалоосунун, ой жүгүртүүдө жана жашоодо башкаларды ээрчүүдөн эркиндикке чыгууга умтулуусунун белгиси.

Кудуреттүү жана Улуу Алла ушул ойгонуунун мусулман эмес өлкөлөргө да жетишин каалады. Ал жерлерде билим алуу үчүн же жумуш издеп, өз жерин таштап келген мусулман топтору бар. Бул топтордун мактоого арзый турган нерсеси алардын акыркы жылдардагы бул жана тигил жашоо маселелерине байланыштуу суроолор боюнча диний чечимдерди чыгарып бере турган борборлорду, түрдүү кыйынчылыктарды чечип бере турган, алардын чечилишине өбөлгө түзүү боюнча иш-аракеттерди жүргүзгөн, расмий тараптардын алдында, жашаган жерлеринде кызыкчылыктарын коргой турган мекемелерди түзүү боюнча системалаштырылган уюмдук иш алып баруу тууралуу ойлонуп баштоосу.

Бул нерседе ошол топтордун кадимки окуп жаткан студенттин, же болбосо саякаттап жүргөн адамдын, же ырыскысын издеген кембагалдын кыялдануларын артта калтырып, андан өтө баштагандыгына далил боло турган чон пайда бар. Алардын мүмкүнчүлүктөрү канчалык деңгээлде мыкты болгондугуна карабастан баары бир жетишсиз болуп турат.

ОЙГОНУУГА ДАЛИЛ БОЛГОН КЭЭ БИР КӨРҮНҮШТӨР

Бул жакшы көрүнүштөр түрдүү формаларда ишке ашып, түзүлгөн абалга карай өзгөрүп турат. Алар кээ бир бөтөн жерде жүргөндөр үчүн түзүлгөн ислам борборлору, мечиттер, инвестициялык же каржылык уюмдар, үйлөрдү карызга берүү боюнча долбоорлор, газета-журналдар, китеп жазуу, котормо, басмага байланышкан иш-аракеттер, бул же тигил жерден жиберилген үгүт ишин алып баруу менен алектенген адам, мусулман өлкөсүндөгү ислам шариатынын иш жүзүндө колдонулуусун талап кылган топ, мусулмандардын жерин тышкы басып алуудан бошотондукка чыгаруу аракети, ж.б.

Булардын бардыгы шыктандырууга жана дубага татыктуу кубандыра турган иш экендигине эч күмөн жок. Ошол эле убакта ал оңдоп-түзөөгө, түз жолго салынууга дагы эле муктаж.

ОЙГОНУУНУН СЕБЕПТЕРИ

Бул ойгонуу көптөгөн себептердин, уюштурулган (алдын-ала даярдалган) жана башаламан, расмий жана элдик, топтук жана өз алдынча аракет-

тердин мөмөсү, жана эң оболу ал мусулман коомчулугунун өз негизине, тамырына кайтуусун каалагандыгын билдирген табигый көрүнүш, ошондой эле бул нерсе диндин Кудуреттүү жана Улуу Алланын колдоосунда жана камкордугунда экендигине далил.

Бул көрүнүштү изилдеген адам анын тарыхын жазып калтырууну каалайт. Бирок анын кайсы мезгилде башталгандыгын тактоо кыйынчылыкты туудурат. Анткени бул жана буга окшогон көрүнүштөрдүн башталышы өтүп кеткен мезгилдерге кайтып, кээде ачык билинип, кээ бир учурларда байкалбай, ошондой эле бул жааттагы аракеттер кээде пайда болуп, кээ бир учурларда токтоп калып отурган.

Үгүт иши үзгүлтүксүз уланып туруучу иштерден болуп келген жана ошол бойдон кала берет. Бул иштин токтошу мүмкүн эмес. Ал мезгили менен кубаттанып же начарлап, туура багытта же, тескерисинче, туура эмес багытта болуп келет. Бирок анын жок болуп кетишинин мүмкүн эместиги - Алланын мыйзамы, ал эми Алланын мыйзамы токтобойт да, өзгөрбөйт дагы.

БИРИ-БИРИН КАЙТАРУУ МЫЙЗАМЫ

Алла Таала айтты: «Эгер Алла адамдардын айрымдарын айрымдары менен кайтарып турбаганда, шексиз, Жер жүзү бузулуп кетээр эле. Бирок Алла – бардык ааламдарга кененчилик, жоомартчылык Кылуучу» (Бакара: 251-аят). Кудуреттүү жана Улуу Алланын бардык мыйзамдарынын, алардын ичинде «бири-бирин кайтаруу мыйзамынын», үзгүлтүксүз жана нейтралдуу болушу - Анын ырайымдуулугунун, мээримдүүлүгүнүн жана адилеттүүлүгүнүн белгиси. Алар жеке инсандын же бир топтун, же диндин тарабына өтпөйт, кастык кылбайт, калыстык кылбай койбойт. Алардын алдында бардыгы тең, ошондуктан кимде-ким ал мыйзамдарга ылайык иш алып барган болсо, анын ким болгондугуна карабастан ийгиликке жетет, ал эми ага ылайык иш алып барбаган болсо, ким болгонуна карабастан өкүнүүгө учурайт. «Бири-бирин кайтаруу мыйзамынын» пайдаларынын бири, анын үгүт ишин алып баргандарга иштин ийгиликке жетишине үмүт кылууга өбөлгө түзүп, жашоонун бир калыпта калуусунан, бузулуусунан коргоп, андан соң мусулманга дайыма бул ааламдагы чыныгы сактоочу зат Кудуреттүү жана Улуу Алла экендигин эскертип, жана бул нерсе ага кошумча ишеним, бейпилдик, тобокелдик жана натыйжалуулук берет да, жүрөгүнөн орун алат.

Кудуреттүү жана Улуу Алланын жамандыктын ичинде жакшылыкты, ошондой эле жакшылыктын ичинде жамандыкты кылган даанышмандыгына даңк! «Бири-бирин кайтаруу мыйзамын» дайым уланып туруучу, үзгүлтүксүз мыйзам кылган Улуу Алланын даанышмандыгына даңк! Жер үстүндөгү бардык күчтөр кааласа да, каалабаса да үзгүлтүксүз кыймылда, алардын кээ бири кайтаруучу болсо, кээ бири кайтарылуучу. Мына ушул

кыймылдын негизинде жакшы иш кылгандарга жана жаман иш кылгандарга, мусулмандарга жана мусулман эместерге ушул мыйзамга ылайык туура же туура эмес мамилесинин негизинде ийгиликке жетишүүгө же тескерисинче, жоготууга учуроого өбөлгөлөр түзүлөт.

БОШТОНДУККА ЧЫГУУ ЖАНА ЧЫГАРУУ

Басып алуучулук өз күчүнүн жогорку чегине жеткенде, Хижаз жана Нежд (Учурдагы Сауд Араб падышалыгы), Афганистан жана Йемендин бир бөлүгүнөн тышкаркы бардык ислам дүйнөсүн өзүнө караткан. Ошол мезгилде мусулман коомчулугу өз жерин коргоо кыймылын баштап, абдан чон аракеттердин негизинде боштондукка жетишкен. Бүгүнкү күндө, ал өз учурунда жерин аскердик басып алуучулуктан боштондукка чыгарган сымал, маданий басып алуучулуктан (экспансиядан) кутулуу аракетин көрүп жатат.

Маданий экспансия аскердик экспансиядан коркунучтуураак, себеби аскердик экспансия учурунда жер басылып алынып, адамдар аны көрүп, ал нерсе аларда жек көрүү сезимин жаратып, ага каршы согуш жүргүзүшөт. Ал эми маданий экспансия учурунда аң-сезим баскынчылыкка учурап, адамдар ага маани бербей, байкабай калышы мүмкүн, ал эмес алар аны жактырышы ыктымал. Ошондуктан мусулман коомунун бүгүнкү күндөгү боштондукка чыгаруудагы милдети маанилүүрөөк. Маданий экспансиянын коркунучтуулугун арттырган нерсе анын ыкмаларынын үзгүлтүксүз түрдө жаңыланып, өзгөрүп, адаштыруу ыкмаларынын алмашып турушунда. Мусулман коомуна калыстык көрсөтүү иретинде белгилей кетчү нерсе, ошол экспансиядан боштондукка чыгаруу ишиндеги алкышка татый турган аракеттерди кылып, белгилүү ийгиликтерди ишке ашыргандыгына күбө болгондугубуз. Ал ошол аракеттерин маданий экспансиядан толугу менен кутулуу үчүн уланта берүүсү зарыл.

1967-ЖЫЛДАГЫ ЖЕҢИЛҮҮ

1967-жылды жаны тарыхтагы өзгөрүү чекити катары ала турган болсок, ошол мезгилдеги арабдардын Израилден жеңилүүсү алар үчүн психологиялык, идеялык, саясий, коомдук, аскердик жаатта силкинүү болгон. Мына ушул силкинүүнүн таасирлеринин бири жеңилүүгө себеп болгон башчылар, алар кабыл алган революциялык, светтик, коммунисттик, либералдык, коомдук, миссионердик принциптери элдин кыжырын келтиришти. Эл алардан баш тартып, жек көрүп, анын ордун ээлей турган нерсени издеп, мына ошол учурда исламга кайрылды. Бул жерде таң каларлык эч нерсе жок, анткени алар акыр аягы мусулмандар, андан соң топ адамдар жеке адамдар сыяктуу эле кыйынчылык мезгилде Кудуреттүү жана Улуу Аллага кайрылат.

Демек, 1967-жылдагы жеңилүү мусулман коомун алдыга түрткөн күч болду деп айтсак болот. Ошол себептен бул жеңилүү тарыхтагы маанилүү окуялардын бири. Кимде-ким 1967-жылдагы жеңилүүдөн кийинки болгон окуяларды эстесе, мусулман коомчулугу бул жеңилүүдөн 1973-жылдагы Израилге каршы болгон согушунда жана 1989-жылдагы Афганистандагы Советтик оккупациянын талкалануусу менен чыкканга аракет кылгандыгын көрөт.

СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН КУЛАШЫ

Бул ойгонуу бардык дүйнө жүзүндө алдыга карай жылышы уланып жатты. Анын бул өнүгүүсүндө учурга, регионго, үгүт мектебине жараша ар кандай деңгээлде канчалык бир өлчөмдө ката бар болгон. Бирок, ал ката бул иштин туура жагын жана анын уланып турган алдыга карай жылышын жокко чыгарган эмес. Ошентип ойгонууну алдыга карай бир нече кадамга жылдырган чоң силкинүү учурады. Ал 1991- жылы орун алган Советтер Союзунун кулашы жана анын таркашы болду. Бул улуу Союз өз балдарынын колу менен талкаланып, мурдагы бир чоң держава бир нече өлкө болуп тарап кетти. Союздун кулашы менен бирге коммунизм да кулады. Ал бул өлкө кабыл алган Кудайдын жоктугуна таянган идеология эле. Анын эсебинен өлкө жалпысынан бардык диндерге, анын ичинен исламга каршы күрөшүп келген. Демек, анын кулашы менен дүйнө жүзүндө узак убакыт бою ислам дини жана мусулмандарды бактысыз кылган чоң өлкө жок болду. Ошентип үгүт ишинин мүмкүнчүлүгү кеңейип, жок болуп кеткен өлкөнүн ичинде жайылып, жаңы орундарды ээлей баштады. Бул силкинүү да «бири- бирин менен кайтаруу мыйзамынын» жемиштеринин бири. Акыр аягы бардыгы Алланын колунда.

11-СЕНТЯБРЬ. НЬЮ-ЙОРКТОГУ ЭКИ МУНАРА

Он жылдан кийин үчүнчү силкинүү болду. Ал 2001-жылы Нью-Йорктогу эл аралык соода борбору жайгашкан эки мунаранын талкаланышы. Бул окуя болуп өткөн соң анын тегерегинде талкуулар көбөйдү. Балким, ал тарыхтын табышмактарынын бири бойдон кала берет. Бирок анын артынан орун алган Американын Афганистанга жана Иракка болгон экспансиясы, анын аркасынан орун алган маалыматтык, саясий, экономикалык, аскердик, маданий кампаниялар, исламды жалпы дүйнө жүзүндө, анын ичинен өзгөчө Европада жана Америкада элдин оозунан түшпөгөн сөзгө айландырды. Анын тегерегиндеги талкууларга катышкандардын көпчүлүгү жаман ниетте, же болбосо ал тууралуу эч кандай билимге таянбастан сүйлөп, алардын ичинде калыстыкты кармангандар аз болду. Бирок ошол талкуулар, андагы айтылган жаман, жакшы сөздөрү менен бирге, исламды көпчүлүктүн кызыгуусун туудурган маселеге айландырды.

Өз учурунда бул нерсе үгүт жаатында иш алып баргандарга аларга ислам-ды туура тартуулоого чакыра турган жакшы мүмкүнчүлүк болду. Бул да болсо «бири-бирин кайтаруу мыйзамынын» пайдаларынын бири. Акыр аягы бардыгы Алланын колунда.

Кудуреттүү жана Улуу Алла болуп өткөн жана келечекте боло турган көптөгөн окуялар жер жүзүнө жайылып, Өзүнүн динин кабыл алуучулар-дын санын көбөйтө турган, адамзатты адашуудан туура жолго, бакты-сыздыктан бактылуулукка чыгаруучу себеп болуусун каалап жаткан өндүү. Толук даанышмандык Аллага гана тиешелүү.

МААНИЛҮҮ ЖАНА КЕРЕКТҮҮ АҢ-СЕЗИМ

Кандай болбосун мусулман коомчулугу кийинки нерселерди жакшы түшүнүүсү керек. Бул:

- Ислам менен тааныштырууга өбөлгө түзгөн чанда кездешүүчү мүм-күнчүлүккө өз ишин жакшы билген, чын ыкластуу үгүт ишин алып баргандар туура мамиле кылбаса, анын жок болуп кетүү коркунучу бар.
- Кудуреттүү жана Улуу Алланын мыйзамдары мусулман коомучу-лугуна алар мусулман болгондугу үчүн гана бекер жеңишти ыраа кылбайт.
- Үгүт ишинде ката кетирбөө жана аны алдын алуу, ката кеткен соң анын жайылбоосу жана болушунча аз жоготуулар менен оңдоо иштерин жүргүзүү үчүн мусулман коомчулугунун өкүлдөрүнөн зээндүү, жөндөмдүү, динге жан дили менен берилген топ даярда-лышы зарыл.
- Өзгөрүүгө аракет кылбай, жөндөмсүздүк, аракетсиздик абалына туш болуп калбоосу үчүн, үгүт ишин алып баруу жаатында жаңы май-дандарды, ыкмаларды, колдонмолорду/аспаптарды табууга умтулуу кажет.
- Үгүт ишин алып баруу жолун оңдоп түзөөгө аракет кылуу керек.
- Бул жаатта иштегендердин ортосунда макулдашылган нерселердин санын көбөйтүп, келишпестиктердин санын азайтууга аракет кылуу зарыл.

КӨЙГӨЙЛӨР ЖАНА КОРКУНУЧ ТУУДУРГАН ЖАГДАЙЛАР

Бул ойгонуу тагдырыбызга жазылып, мусулман коомчулугу анын келишине кубанып, андан жакшылыкты күтүп, ошонун негизинде жакшы нерселерге үмүттөнө башташты.

Жагдайды толугу менен түшүнүү үчүн бул жакшы көрүнүшкө зыянын тийгизип, анын кыймылына тоскоолдук кылган көптөгөн көйгөйлөр менен курчалгандыгын ырастап кетүү зарыл.

- Ал көйгөйлөрдүн кээ бирлери бири-бирине каршы келип, ал эмес касташып, жаман ой түзүп, анын негизинде козголоңдор пайда болуп, касташуулар көбөйүп, топ-топ болуп бөлүнүүлөр жайылып, элдин бир бөлүгү жалпы мусулмандар арасындагы, алардын ичинен өзгөчө динди жайылтууда иш алып баргандардын ортосундагы келишпестиктер ачык-айкын чындык, өнөкөт айыккыс оору деп билишет. Андан Жаратканым Өз мээримине алган адам гана кутула алат.
- Буга кошумча чын ыкластуулук менен жасалган кээ бир аракеттердин туура эмес болушу. Алар кажет болбогон жерде ишке ашырылып, же болбосо уруксат берилген жакшы нерсенин бар болгонуна карабастан, тыюу салынган начар нерсени тандап, ал эмес зыян алып келе турган нерседе аткарылышы.
- Ошондой эле үгүт ишин алып баруу жаатындагылардын көпчүлүгүнүн шалаакылык деңгээлине жеткен ашкере жөнөкөйлүк, жаман ойлобогондук сыпаттарына ээ болушу. Бул нерсе алардын кээ бир начар адамдар тарабынан кыйын абалга туш келишин, бузулушун жеңилдетип, аларды чоң акылсыздыкка, зыянын тийгизген коркунучтуу кооптуу иштерге түртүп, өлкөгө жана мусулмандарга зыян алып келип, элдин жек көрүүсүнө дуушар кылып, ал эмес ислам аркылуу жек көрдүрүп, андан коркутуп жатат. Балким ошол адамдардын билимсиздигин көрсөткөн эң чоң майдан бул саясий майдандыр. Алар бул майданда аракеттерин кылып келишкен жана өзүлөрү биринчи курмандык болуп кетишип, абдан чоң жоготууга учурашты. Анын аркасынан өлкө да, мусулмандар да оор жоготууга туш болду. Ал эми эң коркунучтуусу жана кооптуусу мына ушул.

КӨЙГӨЙЛӨРДҮН СЕБЕПТЕРИ

Мындай көрүнүшкө бир гана нерсе себеп болушу мүмкүн эместигине эч күмөн жок. Ал бири-бири менен тыгыз байланышкан татаал, ар түрдүү себептерден келип чыгат. Алардын ичинен түз жана кыйыр байланышы бар себептер, ашкере жөнөкөйлүк жана шалаакылыкка, шашкалактык жана алдын-ала даярдануунун жоктугуна, бузулушунун жана кыйын абалга туш

келтирилишинин жеңил болушуна, Кудуреттүү жана Улуу Алланын мыйзамдарын билбегендикке, байлыкты, мансапты, өч алууну көздөгөн диний кийимди жамынган ач көздүк жана өздүк каалоолорду ээрчүүгө, адамдардын түшүнүү кудуретинин деңгээлине, мусулман коомчулугу башынан өткөрүп жаткан мезгилдин табиятына көз каранды себептер. Бул кооптуу кыйын мезгил көптөгөн жааттарга, анын ичинде исламдагы үгүт ишине бул көйгөйлөрдү ырбатып, терс таасирин тийгизүү өзгөчөлүгүнө ээ.

Бул кооптуу көрүнүштү тактоодо абал мына ушундай боло турган болсо, анда аны оңдоп түзөөдө жалгыз гана бир ыкманы сунуштоо мүмкүн эместигин, жана бул көйгөйдү чечүүдө бири-бирин толуктай турган, бири-биринин күчүн арттыра турган бир нече ыкманы колдонуубуз зарыл экендигин моюнга алышыбыз керек.

ОҢДОП-ТҮЗӨӨНҮН БАШТАЛЫШЫ

Балким чечимдердин ичинен эң алдыңкы орунду ээлеп, өзгөчө маани берген чечим бул үгүт жаатында иш алып баргандар үчүн жалпы эрежелерди тууралоо. Анткени эрежелер адамдын жалпы түшүнүгүнө, анын ой жүгүртүү жолдоруна, иш алып баруунун себептери жана аны өздөштүрүү ыкмаларына жогорку деңгээлде таасир берет.

Туура эмес түшүнүк туура эмес жүрүм-турумга, ал эми туура түшүнүк туура жүрүм-турумга алып барары эл арасында талаш жаратпай турган нерселерден.

Биринчиден, эч ким жалгыз гана эрежелерди оңдоо көйгөйдүн чечилиш ине алып келет деп айткан жок, бирок чоң деңгээлде аны жеңилдетет деп айтууга мүмкүн.

Адам баласынын ишинин артыкчылыкка, жана ошол эле учурда катага да ээ болушуна себептүү, мусулман коомчулугунун бул көйгөйдү оңдоп-түзөөгө, бул жаатка байланыштуу кеңештерге, кайрадан карап чыгууга чоң муктаждыгы бар.

СЫРТКЫ ЖАНА ИЧКИ КОРКУНУЧ

Бул ойгонуунун ийгиликке жетүүсүнө тоскоолдук боло турган сырткы коркунуч болгон сымал ички коркунуч да бар. Ички коркунуч мурдатан эле сырткы коркунучтан кооптуураак, зыяндуураак болуп келген жана ошол бойдон кала берет.

Сырткы коркунуч исламдын душмандары тарабынан келген болсо, ички коркунуч мусулмандардын өзүнөн келет. Ал туура эмес түшүнүктөн, төмөн аң-сезимден, туура эмес ишенимден, ички дүйнөнүн бузулушунан, психологиялык өзгөчөлүктөн, же болбосо нерселердин табиятына туура келбеген шашылуудан, же акыйкатка дал келбеген кемчиликсиздикке умтулуудан, ж.б.у.с.дан келип чыгат.

ЖОБОГО БОЛГОН МУКТАЖДЫК

Мына ошол себептен исламдагы үгүт ишин жүргүзүү жаатында иш алып баргандарга сунуштоо үчүн алардын бардыгына тийиштүү негизги эрежелерди же болбосо көпчүлүгүн өзүнө камтыган «ардактуу жобо» даярдоо зарылчылыгы келип чыгат. Ал жобо бардык акылдуу/ бийик аң-сезимдүү жана иштин ийгилике жетишине болгон күчүн жумшагандардын бардыгына жарай турган, биргелешкен улуу, чыныгы максаттарды көрсөткөн, жалпыга тиешелүү чектин ичинде кандайдыр бир деңгээлде өзгөртүүгө (түрдүүлөнтүүгө) мүмкүнчүлүк берет, анткени адамдар бардык жактан бирдей болушу мүмкүн эмес. Бул жобону «бирдиктүүлүктүн ичиндеги ар түрдүүлүк», же «карама- каршылыктардын ар түрдүүлүгү эмес, ар түрдүүлүктүн ар түрдүүлүгү» деген ураан менен атасак болот.

Ошол иштин моюнубуздагы «аманат» экендигинин жоопкерчилигин сезип, жана оңдоп-түзөө, кеңеш берүү, жаңы нерселерди киргизүү милдетин аткарып, ушул негизги эрежелерди сунуштоону туура көрдүк. Бул эрежелерди туура түшүнүү, аны колдонуу, Алланын каалоосу менен, мусулман коомчулугун чоң жетишкендиктерге жетүү үчүн алдыга карай маанилүү кадамдарды жасоого түрткү берет.

Акырында, бул жобонун үгүт жаатында иш алып баргандарды бириктире турган, аларды ыктыярдуу ар-намыс жана чынчылдыктын негизинде байланыштырып туура жолду көрсөтө турган нур болоруна үмүт бар. Ошондуктан ал «Ардактуу үгүт ишинин жобосу» деп аталды, анткени ага биригүү акыр аягы эркин канааттануунун, аны ыктыярдуу түрдө жолдоонун, ак ниет каалоонун, бекем ишенимдин жана ал өзүнө камтыган нерселерди жактыруунун натыйжасынан келип чыкты.

Ошондой эле бул жобонун туура жагынан пайда алуу жана туура эмес жагын белгилөө, жаңы эрежелерди сунуштоо максатында өз ишин жакшы билген демилгелүү үгүт ишин алып баргандар тарабынан терең изилдөөдөн өтөт деген үмүт бар. Мына ошондо ар бир жаңы чыккан басылыштар мурункусунан жакшыраак болмок.

Оо, Жараткан, бизге Сенин ыраазычылыгына жеткире турган нерсени (аткарууга) ийгилик бер, бизди жакшылык иште колдон, туура иш менен биргеликте чын ыклас бер, Сен ыраазы болгондон мурун бардык мактоолор Сага болсун, Сен ыраазы болсоң, бардык мактоолор Өзүңө болсун, жана Сен ыраазы болгондон соң бардык мактоолор Сага болсун.

Пайгамбарыбыз Мухаммед, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына Алланын ырайымы жана саламы болсун.

Хишам аль-Талиб
Хижра жыл санагы боюнча 1430-ж
Григориан жыл санагы боюнча 2009-ж

ЖОБОНУН АЙЛАНАСЫНДАГЫ ОЙЛОР

Бул эрежелер чоң аракеттин, баштан өткөн кыйынчылыктардын, ой жүгүртүүнүн, ишти кайрадан карап чыгуунун, изилдөөнүн, үгүт ишин алып баруу жаатында кеткен катачылыктарга жана жетишкендиктерге узак убакыт боюу үзгүлтүксүз байкоонун натыйжасы экендигин эскертип кетүү кажет. Жобо канааттандырарлык деңгээлге жетүү үчүн анда биринчи басылышта келтирилген эрежелер, ошондой эле бул же тигил жактан маанизи же сөзмө-сөз алынган эрежелер бар.

ЖОБОНУН МАКСАТЫ

Бул жобонун максаты бул жаатта иштегендерди бириктирип, алардын сый-урматына арзый турган эрежелердин тобун тактоо. Эгерде бул жобонун максаттарын кыскача сөз менен айтууну кааласак, анда «үгүт ишинин жолун оңдоо, мусулман коомчулугуна жакындатуу жана жаңы мүмкүнчүлүктөрдү сунуштоо» десек болот.

БУЛ ЖОБО КИМГЕ АРНАЛАТ ?

Бул жобо бардык мусулмандарга, алардын ичинен биринчи орунда үгүт ишин алып баргандарга арналат. Себеби алар бул жободон пайда алууга татыктуураак, анткени аны тууралап, ага кошумчаларды кошууга алардын кудурети көбүрөөк жетет.

ЖОБО АЛЫП КЕЛЕ ТУРГАН НАТЫЙЖАЛАР

Эгерде бул жобо ишке аша турган болсо, алып келе турган пайдалары абдан арбын. Анын эң негизгилери:

- Үгүт ишин алып баргандар арасында сүйүү жана ишеним сезимдерин жайылтып, бул иштин расмий жана элдик жаатгарын жакындатуу.
- Келишпестиктер жана кемчиликтердин санын азайтып, макулдашылган нерселердин, туура иштердин санын көбөйтүү.
- Пайдалуу сын-пикирди айтуу жана туура кабыл алууга шыктандыруу, ой жүгүртүү майданын кеңейтип, жаңы нерселерди киргизүү мүмкүнчүлүктөрүн көрө билүү.
- Макулдашылган нерселердин тегерегинде кызматташуу, келишпестиктердин тегерегиндеги кечиримдүүлүк, аракетсиздиктен натыйжалуулукка өтүү.

ЖОБО ЭМНЕГЕ УМТУЛАТ ?

Бул жобо кийинки сыпаттарга ээ болууга умтулат:

- Ыйык Курандын жана Сүннөттүн негизинде түзүлгөн иш кагазы болуу;
- Ашкеречиликтен жана шалаакылыктан алыс болуп, ортолук жана бир калыптуулукту, орточенемдүүлүктү билдирген көз карашта болуу;
- Кандайдыр бир партияга, же атайын түзүлгөн блокторго, же белгилүү топко, же бир үгүт мектебине, же мусулмандык укук жаатындагы агымга, же региондук башкармалыкка мүнөздүү сапаттардан алыс болуп, алардын бирине чакырып, андан башкалардын кемчиликтерин эскерүүдөн оолак болуу;
- Үгүт ишин алып баргандарга кабыл алынган идеологиялык, моралдык, тарбиялык практикалык конституция болууга;
- Баалуу кошумчалардын арасында өз ордун таба турган пайдалуу кошумча болуу.

ЖОБО ЭМНЕГЕ ТААСИР ЭТЕТ ?

Бул жобо кийинки нерселерге таасир эткенге умтулат:

- Эки дүйнөдө бактылуулукка жетүү жолу болгон исламга;
- Биз анын бир бөлүгү болуп саналып, аны менен сыймыктанган мусулман коомчулугуна;
- Бул жашоодо эң ардактуу милдет болуп саналган пайгамбарлардын милдети болгон үгүт ишине;
- Өз кучагына динди, тилди, мурасты, мусулмандарды, өткөн мезгилди, азыркы учурду жана келечекти камтыган мейкиндикке (Ата-Мекенге);
- Кемчиликтери азайып, туура жактары көп болуусу үчүн үгүт ишин алып баргандардын келечек муунуна.

ЖОБОНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Ошондуктан, окурман бул жобо чындыгында кең мүмкүнчүлүктөрдү ача турган, кең пейилдүү, үгүт ишин алып баруу жаатына кызмат кылууга ак ниет жана бекем каалоого ээ болгон жобо экендигин сезиш үчүн, тактык, ак ниеттүүлүк, калыстык, түшүнүктүүлүк, орточо илимий ыкма, жогорку адабий деңгээл менен өзгөчөлөнүүгө аракет кылат.

БИРИНЧИ БӨЛҮМ: БИЗ ЧАКЫРГАН ИСЛАМ

1. КУДАЙДЫН ЖАЛГЫЗДЫГЫНА БОЛГОН ТОЛУК ИШЕНИМ

Алла Таала айтты: «Айткын: «Мени Жаратканым Туура Жолго, чыныгы Динге – Ак Жолдон тайбаган (Алла Таалага бирөөнү) шерик кылуучулардан болбогон Ибрахимдин динине багыттады. Айткын (Эй, Мухаммед): «Албетте, намазым, сыйынууларым, тирүүлүгүм жана өлүгүм бүткүл ааламдардын Жаратканы болгон Алла үчүн. Анын бир да шериги жок. Мына ушуга (тактап айтканда, Жалгыз Аллага сыйынууга) буйрулганмын. Демек, мен моюн сунуучулардын биринчиси – алгачкысымын».
(Үй айбандары (*Анаам*): 161-163-аяттар)

Кудуреттүү жана Улуу Аллага, Анын ааламды Жаратуучу, аны Башкаруучу, жалгыз гана Ал сыйынууга татыктуу болгондугуна, улуктукту, сулуулукту билдирген бардык сыпаттарга ээ болгондугуна, бардык кемчиликтерден таза экендигине ыйман келтиребиз. Биз Аны жакшы көрөбүз, жалгыз экендигине ишенебиз, улуктайбыз, каарынан коркобуз жана мээримине үмүт кылабыз. Биз бардык мусулмандарды, алардын ичинен өзгөчө үгүт ишин алып баргандарды «ишеним» маселесин түшүнүүнү, ага болгон ыйманды, ал талап кылган сезимди жана жүрүм-турумду толук бойдон биринчи орунга коюуга чакырабыз. Анткени, ал негизги жана негизги эмес дин маселелеринин бардыгынын эң маанилүү негизин түзөт. Бул мусулмандын жашоосун толук бойдон коштоп жүргөн сымал, бул дин маселелерин үзгүлтүксүз коштойт.

«Ишеним» - мусулман окуп бүтүп башкасына өтүп кете турган китептин бир бөлүмү эмес, ал мусулман окуган китептин биринчи бөлүмү жана башка бөлүмдөрдү окуганда дайыма коштоп жүрүүчү бөлүгү. «Ишеним» - бул мусулманды коштоп жүргөн ой жүгүртүүдөгү, сезимдердеги, жашоодогу абалы. Ал анын бул дүйнөдөгү бардык жашоосун башкарат, ошондуктан талап кылган нерселеринин бири, ошол ишеним талаптарынын бардыгын терең жана так билүү. Анын эң негизгиси Кудуреттүү жана Улуу Алланын жалгыздыгына ишенүү, ибадаттардын жалгыз гана Ага арналышы, өкүмдөрүнүн жашоодо колдонулушу. Ошондой эле, динден толук бойдон же толук эмес түрдө чыгарып «ишенимди» буза турган маселелерди билүүсүн талап кылат. Таң калтырарлык нерсе, дүйнөдөгү мусулман балдарынын даараттуу буза турган нерселерди жатка билишип, «ишенимди» бузган нерселерди билбегендиги. Ошол эле учурда бул нерселердин бардыгын билүү зарыл. Бирок, бул эки маселенин ортосунда маанилүүлүк жагынан чоң айырма бар.

Экинчи жагынан, Алланын жалгыздыгына болгон ишеним маселеси тек гана механикалык жаттоого айланып калуусунан сактануу керек. Андай учурда алар жалгыз гана өзүлөрүн туура жолдо деп эсептеп, башкалардан өзүлөрүн жогору саноо сезими кулач жайып, башкаларга текебер жана курч мамиле жасашат.

Туура жолдо экендигине болгон ишеним талап кылынат жана мактоого татыйт, бирок бул ишеним башкаларга карай болгон жылуу сезимдер менен коштолушу керек. Ошондо алар коркутуучу эмес, сүймөнчүлүккө ээ болгон, каардуу эмес, мээримдүү үгүттөөчүлөргө айланып, Алланын жалгыздыгына болгон ишеним алардын жашоосунда эң сонун түрдө алардын акылы, ички дүйнөсү, жүрүм-туруму болуп калат.

Кээ бир окумуштуулар Алланын жалгыздыгына болгон ишенимди (Алладан башка сыйынууга татыктуу зат жок экендигин) ишке ашыруу шарттарынын маңызын жети сөз менен берген. Алар: билимсиздикти жок кыла турган билим, шекти жок кыла турган терең ишеним, Аллага шерик келтирүүнү жок кыла турган чын ыкластуулук, эки жүздүүлүктү жок кыла турган чынчылдык, кайтарууну жок кыла турган кабыл алуу, баш тартууну жок кыла турган баш ийүү, кош көңүлдүктү жок кыла турган сүйүү.

2. АЛЛАНЫН ЖАЛГЫЗДЫГЫНА ИШЕНҮҮНҮН ЖАНА БИРИМДИКТИН ДИНИ

Ислам Алланын жалгыздыгына болгон ишенимдин жана биримдиктин дини. Мусулман коомчулугу өзүнүн Жаратканын асманда жалгыз деп ишенет, жер жүзүндө өз иш-аракеттерин бирдикте алып барат, ошондуктан үгүт ишин алып баруу жаатында ой жүгүртүүдө, сезимдерде, жашоодо биримдикте болууга чакырууга көңүл бөлүп, ушул нерселерде бөлүнүүдөн сактануусу керек. Биримдикте күч-кубат, мээримдүүлүк, береке, натыйжалуулук бар, ошондой эле ал Кудуреттүү жана Улуу Алланын жардамына жана жеңишине себеп болот, ал эми бөлүнүү анын карама-каршысына алып келет.

Чындыгында, үгүт иши мусулман коомчулугу үчүн өзүндө болгон чоң мүмкүнчүлүктөргө карабастан, анын кайгысын жана үмүтүн билдирген чыныгы курал болгонуна карабастан бул жолдо жасалган аракеттерге жана көптөгөн курмандыктарга арзый турган жетишкендиктерди тартуулай алган жок. Иштин мындай абалда болушунун бир нече себеби бар. Анын башында ислам жаатындагы иш алып барууда орун алган кээ бир учурларда жек көрүү жана душмандык көрсөтүү деңгээлине жеткен бөлүнүү турат. Көксөгөн биримдикти ишке ашырууга жардам бере турган же болбосо ага жакындата турган нерсе бул Кудуреттүү жана Улуу Алла ыраазычылыгына жетүүгө жасалган аракеттеги чын ыкластуулук, сүйүү сезимин жайылтуу, мурунку жана кийинкилер арасында келишпестиктерди жараткан ишенимге байланыштуу маанилүү эмес суроолордогу мусулмандык укук илиминин негизги эмес маселелери боюнча талаштардан баш тартуу. Бул маселелерде туура чечим чыгарган соопко ээ болуп, ал эми ката кетирген кечиримге татыйт.

3. БАШТАПКЫ БУЛАКТАРГА КАЙТУУ

Алла Таала айтты: «Качан аларга (согушка кеткен мусулман аскерлер жөнүндө) тынчтык, же коркунуч (жеңиш же жеңилүү) кабары келсе, аны жайып жиберишет. Эгер (алар өздөрүнө келген кабарды ар кимге жайып жибербестен) пайгамбарга жана өздөрүнөн чыккан башчыларга жеткиришкенде, аны (мына ушул кабардын акыйкатын) билмекчи болгон кишилер ошолордон билишкен болоор эле. Эгер силерге Алланын кеңдик, жоомарттыгы болбогондо, (тагыраак айтканда, Алла Өз мээримдүүлүгү менен силерди ыйманда бекем кармабаганда) айрым адамдардан тышкары баарыңар шайтанды ээрчип кетээр элеңер». (Аялдар (Ниса): 83-аят)

Биз бардык адамдарга жакшылык каалайбыз жана аларды динге чакырууга милдеттүүбүз, ошондуктан аларды динди таза жүрөк, калыс акыл менен туура эмес жолдон чыгып туура жол, жалгандан алыстап акыйкат, коркунучтан кутулуп коопсуздук, тынчсыздануудан айрылып бейпилдик, кыйынчылыкты көргөн соң жакшы жашоо, ошондой эле бардык көйгөйлөрүнө чечим, бардык суроолоруна жооп табыларына терең ишенип исламдын негизги булактары менен таанышууга чакырабыз.

4. ИСЛАМ АЛЛАНЫН ДИНИ ЖАНА АЛ ЖАШООНУН БАРДЫК ЖААТТАРЫН ӨЗҮНӨ КАМТЫГАН ДИН

Алла Таала айтты: «Албетте, Алланын алдында кабыл боло турган дин – ислам дини гана» (Имрандын үй-бүлөсү (Ааль Имран): 19 аят), «Кимде-ким исламдан башка динди кааласа, анда (анын «дини» Алланын алдында) эч качан кабыл кылынбайт жана ал Акыретте зыян тартуучу, өкүнүүчүлөрдөн (болот)» (Имрандын үй-бүлөсү (Ааль Имран): 85 аят).

Биз ислам Кудуреттүү жана Улуу Алланын түбөлүктүү, Өзү тарабынан корголгон, туура жана акыркы дин. Ал биз алектенген маселебиз, башкалардан айырмалаган өзгөчөлүгүбүз, көйгөйлөрүбүздүн чечилиши, тарыхыбыз, учурдагы мезгилибиз, келечегибиз, эки дүйнөдө бактылуулукка жеткире турган, Алла Таала бизге берген жашоо жолубуз. Биз ага ишенебиз, аны менен сыймыктанабыз, ал үчүн аракеттерибизди жумшайбыз жана бизде болгон бардык баалуу нерселерди курмандыкка чалууга даярбыз.

Ислам Кудуреттүү жана Улуу Алланын адамзатына жиберген акыркы дини, ошондуктан ал бардыгын өзүнө камтыган жол. Ал жашоонун бардык жагын жеке инсандык, жамааттык, мамлекеттик деңгээлде тартипке салат. Ислам дин, мамлекет, мыйзам, ибадат, экономика, адеп-ахлак, ден соолук, үй-бүлөлүк, коомдук, мамлекеттик мамилелерди, ж.б., мындайча айтканда, жашоонун бардык жаатгарын башкарат. Ал адамды төрөлгөнүнөн баштап жашоосунун акырына чейин, өлүмүндө да, кайра тирилишинде да коштоп жүрөт.

Ошол себептен үгүт ишин алып баруучулар ислам жашоонун бардык жагын өзүнө камтуу өзгөчөлүгүнө көңүл буруп, аны менен сыймыктанып, аны жалгыз гана сыйынуу жөрөлгөлөрү менен чектөөгө болгон аракеттен баш тартуулары керек. Бул нерсе негизги маселелерди четте калтырып, негизги эмес, кошумча маселелерге терең берилбөөнү талап кылат. Эгерде негизги эмес маселени кароо муктаждыгы болгон болсо, анда өз ордунда, өз мезгилинде жана өзүнө тиешелүү көлөмдө гана каралуусу зарыл.

5. СЫЙЫНУУНУН МААНИСИНИН КЕНЕНДИГИ

Адамзатынын жаралуусунун болгон максаты Кудуреттүү жана Улуу Аллага ибадат кылуу, анткени Ал: «Мен жин жана инсанды жалгыз Өзүмө сыйынуу үчүн гана жараттым», - деп айткан (Сүрүп кетүүчү шамалдарга ант (Заарият): 56-аят). Сыйынууга болгон бул кенен түшүнүк адамды Кудуреттүү жана Улуу Аллага көбүрөөк баш ийүүгө, анын Жараткан менен болгон үзгүлтүксүз байланышына кубанууга, мусулмандарга жана өлкөсүнө пайдалуураак болууга түрткү берет. Өкүнүчтүүсү бул түшүнүктүн көпчүлүктөр үчүн сыйынуу жөрөлгөлөрү менен гана чектелип, алар үчүн сыйынуу жөрөлгөлөрүн гана түшүндүрүп калган. Ушул жерде эскере кетүүчү нерсе ишеним, сыйынуу жана мамиле деп термин болуп бөлүштүрүлүшү бул мурдатан бери сакталып келген, бир гана изилдөө жана окутуу жаатында талап кылынган илимий бөлүштүрүү. Бирок бул нерсе кээ бирлердин сыйынуу түшүнүгүн сыйынуу жөрөлгөлөрү менен чектөөсүнө алып келген. Бул чоң катанын жайылышына бир жагынан туура эмес түшүнүк, экинчи жагынан сыйынуу белгисинин башка жааттарга караганда жөрөлгөлөрдө ачык байкалышы түрткү болду. Ошондуктан биз сыйынуу түшүнүгүнүн мурунку такыба ата-бабалар түшүнгөндөй кенен маанисине ыйман келтиребиз жана бардык мусулмандарды сыйынуу ал үчүн ишеним, саясат, сыйынуу жөрөлгөлөрү, мамилелер, жерди иштетүү, динди жеткирүү, адал ыракаттануу, эс алуу, ар бир ишти жакшы аткаруу, башкаларга жакшылык кылуу өңдүү бардык нерсени өзүнө камтыгыдай болгон түшүнүктү кабыл алууга чакырабыз.

6. ИСЛАМДАГЫ БИР ТУУГАНДЫК

Исламдагы бир туугандык диндин негизги принциптеринин бири, үгүт ишин алып баруу эрежелеринин маанилүү түркүгү. Анын жайылышы асмандагы Улуу Алланын ыраазычылыгына жана жер үстүндө жеңишке жетүүгө себеп болуп, ал эми анын жок болушу Асмандагы Кудуреттүү жана Улуу Алланын каарына жана жер үстүндө жеңилүүгө себеп болот.

Ошондуктан үгүт ишин алып баргандар теориялык да, практикалык да жаатта бул түшүнүктүн маанилүүлүгүн көтөрүүсү жана ага карама-каршы келген бардык нерселерден сактануусу керек. Үгүт ишин алып баргандар арасында бир туугандык түшүнүгүнө жараша иш алып баруу жылуу сезимдерди, мээримдүүлүктү жайылтып, Алланын жардамына татыктуу кылып, жеңишке алып келүүчү кубанычтуу белги, ал эми анын жоктугу анын карама-каршысы болгон тынчсыздануу, таш боордук, өзүмчүлдүк, басып алууга умтулуу өңдүү сезимдерди жайылтып, жеңилүүгө туш болуунун белгиси.

7. КҮЧТҮҮ МОМУН

Биз күчтүү момунду даярдоого аракет кылуубуз керек, анткени ал ыйык хадисте айтылган алсыз момунга караганда Аллага сүйүктүүрөөк келет. Ишенимдеги кубаттуулук туура ишенимди, ыйманда тереңдикти, жүрүм-турумда ак ниет, акылда аң-сезим, денеде күчтү билдирет. Демек, бул нерсе денебизге толук кандуу туура камкордук кылуубузду талап кылат. Ал денеге пайда алып келе турган тамак-аш, спорт менен машыгуу, тазалык ж.б.у.с. бардык нерселерге умтулуу, жана банги зат, кальян, спирт ичимдиктери ж.б.у.с. бардык зыян тийгизе турган нерселерден алыстоо аркылуу ишке ашат. Бул нерседе көптөгөн пайдалар бар, анын ичинен үгүт ишин бардык жигердүүлүк жана күч-кубат менен алып барууга кудурети жеткен дененин болушу.

8. ДИНДИ ЖАСАЛМА ТУТУНУУДАН САКТАНУУ

Динди туура тутунуу бийик аң-сезим жана таза жүрөктүн белгиси. Мындай адам элдердин арасынан өзүнчө бөлүнүп, жылуу сезимдерди козгоп жана ээрчүүгө татыктуу сүйкүмдүү өрнөк болот.

Чындыгында, биз динди туура тутунуп жана тайкы аң-сезимден, же оорулуу жүрөктөн, же болбосо бир учурда эле экөөнөн тең келип чыккан жасалма тутунуудан сактанууну эскертебиз, анткени аны кандайдыр бир ишти аткарууга түрткү болгон нерсе бул же жаңылыштыктар, же өз кызыкчылыктары, же болбосо бир эле учурда экөө тең болушу мүмкүн. Ошентип мындай адам эл арасында жек көрүндү болуп, жийиркеничти туудурган мисал болот.

Динди мындай жол менен тутуу мурдатан бери Алланын дининен кайтарууга алып келе турган себептерден болуп келген жана ошол бойдон кала берет. Динге анын терс таасири динге байланышы жок күнөөкөрлөрдүн таасиринен көп эсе жаман.

Тышкы көрүнүшкө чоң көңүл бөлүп, ички дүйнөгө кош көңүл мамиле кылуу, парз болуп саналган сыйынуу жөрөлгөлөрдүн ордуна кошумча сыйынуу жөрөлгөлөрү менен алектенүү, өз кызыкчылыктарын өйдө коюп, жалпы элдин кызыкчылыгына кош көңүлдүк кылуу динди жалган тутунуунун белгилеринен.

Ошондой эле мындай адам өзүнүн каалоолорун, жек көрүү сезимдерин, алсыздыгын динге байланыштырып, өзү татыктуу болбогон орунду көздөп, өз аракети менен жеткен татыктуу сыйлуу орун ээлеринин кемчиликтерин издейт.

9. МОЮН СУНУУ ЖАНА КҮНӨӨ КЫЛУУ

Дене мүчөлөрүнө тиешелүү моюн сунуу жана күнөө иштер болгон сымал, жүрөккө тиешелүү да моюн сунуу жана күнөө иштер болот. Жүрөкө тиешелүү иштер дене мүчөлөрүнө тиешелүү иштерден маанилүү, себеби ал жүрөк менен байланышкан, ал эми ал өз учурунда адамдын ички дүйнөсүнө тиешеси болуп, адамды моюн сунууга же күнөө иш жасоого түрткү болот.

Жүрөкө тиешелүү күнөө иштерден кутулуу дене мүчөлөрүнүн күнөөлөрүнөн кутулуудан кыйын болгон өңдүү, жүрөкө тиешелүү моюн сунуу иштери дене мүчөлөрүнүн моюн сунуу иштерин аткаруудан кыйынга турат. Ошондуктан мусулман күнөөдөн оолак болууга жана дайыма моюн сунуп аракет кылуусу керек. Мына ошондо тышкы келбет жана ички дүйнө, форма жана мазмун, чын ыкластуулук жана дене мүчөлөрүнүн ортосунда талап кылынган тең салмактуулук орнойт.

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ:

ИСЛАМ КӨЙГӨЙЛӨРҮ (МАСЕЛЕЛЕРИ)

10. ҮЙ-БҮЛӨНҮН ИСЛАМДАГЫ ОРДУ

Алла Таала айтты: «Эй, ыйман келтиргендер, силер Өзүңөрдү жана үй-бүлөңөрдү отуну адамдар жана таштар болгон тозоктон сактагыла» (Арам кылуу (Тахрим): 6-аят).

Эркек жана аялдын баш кошуусу эң биринчи, ошол эле учурда эң маанилүү тарбия бере турган, коомдун негизин түзгөн жана бала менен өспүрүм үчүн табигый бешиги болгон үй-бүлө куруунун шариат уруксат берген жалгыз жолу. Аны башкаруу ата жана эненин милдети, ошондуктан биз аны сактоого, коргоого, баркын көтөрүүгө, анын ийгиликтүү болушуна талап кылынган нерселерди даярдоого чакырып, аны жок кылууга же болбосо кадырын кетирүүгө болгон көптөгөн жана улам-улам жаңырып турган аракеттерге каршы туруубуз керек.

11. АЯЛДЫН ИСЛАМДАГЫ ОРДУ

Мусулман аял эки тараптан келген чоң зулумдукка дуушар болууда. Биринчиси, мусулман аялды бузууга, дининен, табиятынан, бийик ордунан, өзгөчөлүгүнөн алыстата турган светтик көз карашты ээрчүү. Экинчиси, мусулман аялды мумияга айландырып, өнүгүүгө, жашоодогу өз милдетин аткарууга жол бербеген диний фанатизм. Ниеттин жакшы болгондугуна карабастан динге мындай берилгендикти кармангандар айыптоого татыктуу. Чындыгында, алардын көпчүлүгү аялга карай күмөн саноо, кемсинтүү көз карашына ээ болуп, камкордук көрсөтүү принцибине болгон туура эмес түшүнүккө ээ. Мындай туура эмес көз карашта болуунун себеби аялдын исламдагы укуктарын жана анын табиятын билбегендик, узак мезгил бою калыптанып калган каада-салттардын үстөмдүк кылуусу. Мурдатан келе жаткан каада- салттар динден деп саналып калган, бирок чындыгында алар динден эмес. Жалпы мусулмандар, өзгөчө үгүт ишин алып баргандар аялга ишенимдүү жана калыс мамиле кылып, жашоодогу өз милдетин аткарууга өбөлгө түзүп берүүсү керек. Ал эми ал иштердин башында анын үгүт ишиндеги милдети турат. Бул нерсенин көптөгөн пайдалуу жактары бар. Алардын эң көрүнүктүүсү адилеттүүлүктү ишке ашыруу. Адилеттүүлүк принцибинин исламдагы орду өтө маанилүү. Ошондой эле үгүт ишинде аялдын аракеттеринен пайдалануу, өзгөчө эркектерге караганда жакшы ийгиликтерге жете турган жааттарда колдонуп, аны алдап, ар тараптан курчаган кыйынчылыктарды шылтоо кылып, эркиндикке чыгаруусун каалагандай болуп көрүнгүсү келген адашкан чакырыктарга жол бербөө керек. Чындыгында, ислам тең салмактуулук менен өзгөчөлөнгөн адилеттүү эркиндикти аялга берген. Ал анын укуктарын, бийик даражасын, көз карандысыздыгын, табиятын, өзгөчөлүгүн коргоп, коомдун жарымы, эркек менен бирге толук болуучу бөлүгү жана муундарды тарбиялоочу кылган.

12. ИСЛАМДАГЫ ЭРКИНДИК

Үгүт ишин алып баргандар жергиликтүү мыйзам чегиндеги эркиндикке баш ийүүлөрү керек. Ал эми толук эркиндикти талап кылуу бул чоң наадандык. Динибиз эркиндикти баалайт жана дин тутуудагы мажбурлукка жол бербейт. Мусулмандардын гениалдуу калыйпасы Умар бин аль-Хаттабдын «Энелери эркин кылып төрөгөн адамдарды качан кул кылып алгансыңар?!»,- деп айткан сөзү биздин мурастагы сыймыктана турган нерселерден. Үгүт жаатында жана башка бир жаатта иш алып баруу эркиндигине бирдей мүмкүнчүлүк түзүлө турган болсо, анда үгүт иши биринчи орунга коюлат, себеби мындай өзгөчөлүккө ээ болбогондордон айырмаланып, ал, биринчиден, адамдарды акыйкатка чакырып, экинчиден, ички дүйнөсүндө орун алып, шариатка тиешелүү маданий мурас болуп калган нерселер аркылуу кайрылат. Ал эми тигилер адамдарга, биринчиден, жалган, экинчиден, алардын ички дүйнөсү жана шариатка тиешелүү мурастарына туура келбеген нерселер аркылуу кайрылат.

13. ИСЛАМДАГЫ АДАМ УКУКТАРЫ

Алла Таала айтты: «Эй, инсандар, чындыгында, Биз силерди бир эркек (Адам) жана бир аял (Обо)дон жараттык да, бири-бириңер менен таанышып (дос-жолдош болушуңар) үчүн силерди (түрдүү- түмөн) элдер жана уруу-элеттер кылып койдук. Албетте, силердин Алла алдындагы эң урматтууңар эң такыбааларыңар. Албетте, Алла – Билүүчү жана Кабардар» (Бөлмөлөр (Хужурат): 13-аят).

Ислам адам укуктарына байланыштуу маселелерди дүйнөлүк деңгээлде эң алгач көтөргөндүгүнө ишенебиз. Бул дин адамга билим алуу, үйлөнүү, бейпилдикте жашоо, ырыскы, адилеттүүлүк, жеке менчикке ээ болуу, аны менен биргеликте ишеним эркиндиги, инсанга тиешелүү бийик даража, ж.б.у.с. укуктарын толук бойдон камсыз кылып берет. Исламдын адам баласына мындай укуктарды берүү максаты анын даражасын көтөрүү. Ал Кудуреттүү жана Улуу Алла жараткандардын ичинен эң кадырлуусу, жер үстүндөгү орун басары, ал эми жер жүзүндөгүнүн бардыгы адамзат колдонуу үчүн жаратылган.

14. ИСЛАМДАГЫ БИР ТУУГАНДЫК

Биз бардык адамзатынын бир туугандык бириктире турган бир үй-бүлө экендигине ишенебиз. Адамзаттын жаратуучусу Улуу Алла, алардын атасы Адам жана энеси Обо, топурактан жаралып кайрадан ага кайтат. Ошондуктан мусулмандарды жана башкаларды бардык адамзатына пайда алып келе

турган, биргелешип иш алып барууга чакырабыз. Бул иштер - тынчтыкты сактоо, эркиндикти жайылтуу, адилеттүүлүктү тургузуу, кылмышкерликке каршы күрөшүү, билим алууну жайылтуу, балдарга камкордук көрсөтүү, кары-картаңдарга кызмат кылуу, кошунага жакшы мамиле жасоо, табиятка аяр мамиле кылуу, келишимдерди бузбоо. Бул ойдун тууралыгын тактаган эң жакшы далил пайгамбардын (ага Алланын салават-саламы болсун) акыркы ажылык учурунда хутбасындагы айткан мындай сөзү: «Эй, адамдар, чындыгында, силердин Жаратканыңар бир жана атаңар бир. Бардыгыңар Адам (атадансыңар), ал топурактан (жаралган). Силердин (араңардан) Аллага эң урматтууңар эң такыбаңар. Арабдын араб эместен эч кандай өзгөчөлүгү жок, өзгөчөлүк такыбалык менен гана. Жеткирдимби? Оо, Алла, күбө бол». (Муслимден берилет)

15. БИРИ-БИРИН ТОЛУКТОО

Үгүт ишин алып баргандар кандай болбосун өз мекенин, анын бейпилдигин, жетишкендиктерин, табиятын, келечек муундарды коргоого болгон аракетин кылуусу керек. Анткени, мекенге болгон табигый таандык менен, динге жана принциптерге болгон ыктыярдуу таандык ортосундагы байланыш бири-бирине карама-каршы келген эмес, тескерисинче, бири-бирине шайкеш келген байланыш.

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ :

ЖЕКЕ ЖАНА УЮМ ДЕҢГЭЭЛИНДЕ ҮГҮТ ИШИН АЛЫП БАРГАНДАР ОРТОСУНДАГЫ БАЙЛАНЫШ

16. ҮГҮТ ИШИН АЛЫП БАРУУДАГЫ БИРИ-БИРИН ТОЛУКТОО

Ислам уюмдары ортосундагы мамиледе негизи бири-бирин толуктоо мамилесинин болуусу, эгерде ал жок боло турган болсо, анда өз ара жардамдашуу мамилеси болушу керек. Ал да жок болсо, сыйлоо жана бири-бирине зыян келтирбестен биргеликте жашоо зарыл. Ал эми бул да болбой турган болсо, анда үгүт иши жок болууга учурайт.

17. АДИСТИКТИ СЫЙЛОО

Шариатка тиешелүү маселелерде бул жаатта билими бар адамдардан жооп издеп, ал эми катардагы жашоо көйгөйлөрү боюнча тажрыйбасы мол адамга кайрылуубуз керек. Балким, Зайд аттуу адам эл арасында белгилүү, ийгилике жеткен үгүттөөчү болушу мүмкүн, бирок, ал диний маселелер боюнча чечим чыгарууга укугу жок, же болбосо, ал диний маселелер боюнча чечим чыгарууга кудурети жеткен чоң окумуштуу болуп, бирок башкарууга жөндөмү жок болушу мүмкүн. Ушундай эле көрүнүш жашоонун башка жааттарында да байкалат.

18. ҮГҮТ ИШИН АЛЫП БАРГАН АДАМ, АНЫН ТУУРА ОРУН-МАКСАТЫ

Үгүт ишин алып барган адам аткарган иши пайдалуу болуусу үчүн мезгилди, орунду жана максатты туура тандай билүүсү зарыл. Ошондой эле, акылынын курчтугу, ачык-айрымдыгы менен белгилүү болгон кадыр-барк ээсинен кеңеш алуусу абзел, анткени ал билип-билбей өз каалоосун ээрчип кетиши мүмкүн. Ыйык хадисте урматтуу пайгамбарыбыз (ага Алланын салават-саламы болсун) сахабаларынын ичинен бир нечесинин өзгөчөлүктөрү тууралуу айткан. Муслимдин «Сахих» жыйнагында Алланын элчисинин (ага Алланын салават-саламы болсун) мындай дегени берилет: «Куранды төрт адамдан үйрөнгүлө: Умм Абддан (Абдулла бин Масуд), Муаз бин Жабальдан, Убай бин Каабдан, Салим Мауля Абу Хузайфадан».

Жогоруда айтылгандан алардын бардыгынын мыкты болгон экендигин билебиз, бирок алардын ар бирин башкалардан өзгөчөлөнтүп турган жөндөмү болгон.

19. БИРДИКТҮҮ КЕҢ ЖОЛ

Үгүт ишин алып баргандардын бардыгынын максаттары, колдонгон ыкмалары жана маанилүүлүгү жагынан биринчиликке койгон нерселери жагынан алганда бирдей болушу мүмкүн эмес, алардын ортосунда сөзсүз түрдө чоң же кичине айырмачылыктар болот. Эгерде адам бул ишке терең ой жүгүртүп карай турган болсо, анда ал ишеним, сыйынуу, адеп-ахлак, мамиле жаатында көптөгөн окшоштуктар бар экендигин көрөт, бирок, касташуу өзү алып келген бардык зыяндары менен ошол окшоштуктарды жок кылат. Анткени, келишпестиктер он эсе чоңойтулуп, акыйкатта болгон өлчөмүнөн чоң көрүнүп, окшоштуктар он эсе кичирейтилип, акыйкатта болгон өлчөмүнөн кичине көрүнөт. Ошол себептен, үгүт ишин алып баргандар арасында бири-бирине дал келген/макулдашылган жол, бардыгына туура келген негиз бар деп кесе айтууга мүмкүн. Бул жааттагы бардык адамдар аларды билиши, бар болгондугуна кубанышы, анын негизинде иш алып, аны мүмкүн болгон өлчөмдө өзүнө көбүрөөк сандагы адамдарды камтый тургандай кылып акырындап, сабырдуулук менен үзгүлтүксүз аракеттенүү аркылуу аны кеңейтүүсү зарыл.

20. ИДЕЯЛЫК БИРДИКТҮҮЛҮК

Исламда үгүт ишин алып баргандардын арасындагы бөлүнүүнүн себептеринин бири, алардын арасында эң аз деңгээлде да бирдиктүүлүктүн жоктугу. Мына ушул нерсе өз ара жактырбагандык, аны менен биргеликте максаттардын, колдонулган ыкмалардын жана маанилүүлүгү жагынан биринчи орунга коюлган нерселердеги айырмачылыктарга, ал эмес жек көрүү сезимдерине алып келди.

Ошондуктан үгүт ишин алып баргандар, өзгөчө жаштар арасында, идеялык бирдиктүүлүктү тереңдетүү көйгөйүнө чоң көңүл бурулушу зарыл. Ал нерсе Куран жана Сүннөт, маанилүүлүгү жагынан алдыңкы орунга коюлгандарды түшүнүү, башкалар менен сүйлөшө билүү, талаш-тартыш жүргүзүү адеби, исламдын универсалдуулугу, анын бардык мезгилде жана бардык жерде актуалдуу экендигине басым жасоо менен биргеликте, ашкере берилгендик менен шалаакылыктан алыс болуп, өз ара көмөктөшүү, кечиримдүүлүк, бир туугандык, калыстыка негизделген шариат маданиятын жайылтуу аркылуу болот.

Бул нерсени ишке ашырууга өтө дыкаттык менен тандалган, максатка ылайык келген китептер жардам берет. Ал китептер үгүт ишин алып баргандарга жана жаштарга сунушталып, Билим берүү жана илим министрлигиндеги окуу программаларын көзөмөлдөгөн бөлүмдөр иш алып барган сыяктуу мезгил-мезгили менен текшерилип туруусу зарыл.

21. МУСУЛМАНДАР ТОБУ

Кандай топ, партия же кыймыл болбосун алар мусулмандардын тобу эмес мусулмандардан турган топ болгондугуна ишенебиз. Алардын ар биринин баалуулугу - идеясынын туура болушу жана анын иш жүзүндө колдонулушунда.

22. РАСМИЙ ЖАНА КООМДУК ИШТЕР

Ислам жаатындагы расмий иштер бийликке тиешелүү өкмөттүк уюмдар алып барган иштер, ал эми коомдук иштер бийликке баш ийбеген коомдук уюмдар тарабынан жүргүзүлгөн иштер. Адатта бул эки тарап бири-бирине ишенбөө көрсөтүп, аңдып, айыптап, касташып жүрөт. Эң алгач биз эки маанилүү нерсени эске алышыбыз зарыл: биринчиси, экөөнүн биринин толук бойдон туура эмес, же болбосо толук бойдон туура болушунун мүмкүн эместиги. Анын ар биринин туура жана туура эмес жактары бар.

Экинчиси, орундарынын алмашып калышынын мүмкүн болгондугу. Ошентип, элдик расмийге айланып, расмий элдикке айланат.

Эки топ ортосунда ишеним, өз ара түшүнүшүү, көмөктөшүү, кечиримдүүлүктүн болуусу талап кылынат. Бул нерсени ишке ашыруу үчүн экөө бирдей даанышмандык менен чын ыкластуу, үзгүлтүксүз аракеттерди жасоо керек, себеби үгүт иши жалпынын жоопкерчилиги. Бул ишке аша турган болсо, көптөгөн пайдаларды алып келет. Ал эми ишке ашпай турган болсо, анда расмий да, элдик да түгөнбөгөн кыйынчылыктардан арылбайт.

Бул иш жеңил эмес, бирок мүмкүн. Анын зор маанилүүлүгү үчүн биз чоң аракеттерди жасашыбыз керек.

23. УЮМДАР АЛЫП БАРГАН ИШТЕР

Биринчиден, ислам адеп-ахлагын сыйлаган, экинчиден, анын жоболоруна жана принциптерине жараша иш алып барган, ырааттуу уюмдук иш жүргүзүүнүн пайдалуу экенине ишенебиз, себеби ал мусулман коомчулугуна пайдасы көбүрөөк жана жеке ишке салыштырмалуу үзгүлтүккө учурабай тургандыгына терең ишеним бар. Жеке иште да, уюмдук иште да жакшылык бар. Ошол эле убакта уюмдук деңгээлде аткарылган ишти текшерүүгө, оңдоп түзөөлөрдү киргизүүгө, жаңылануулардуу жүргүзүүгө көбүрөөк мүмкүнчүлүктөр болуп, аны ишке ашыруу жеңил өтөт. Инсандар түбөлүктүү эмес, ал эми уюмдук иш үзгүлтүккө учурабастан улана берет.

24. ТОПТО ИШТЕЙ БИЛҮҮ ЖӨНДӨМҮ

Үгүт ишин алып баргандар арасында топто иштей билүү жөндөмүн бекемдеп, биргеликте иш алып баруу принцибин тереңдетүүгө аракет кылабыз. Бул нерсеге тажрыйбасы бар адамдарды кадырлоо, муундар арасындагы байланышты бекемдөөгө болгон чакырык көмөк көрсөтөт, ошондо улуулардын даанышмандыгынан, жаштардын тайманбастыгынан, жалпы кызыкчылык жеке кызыкчылыктан жогору коюлуп, кыйынчылыктарды жана келишпестиктерди алдын алып, алар орун алган учурда эң туура жол менен чечүүгө өбөлгө түзгөн шариатка ылайык маданий ыкмаларды колдонуу боюнча түзүлгөн келишимдерден, иш алып баргандар арасындагы материалдык жана башкаруучулук (административдик) адилеттүүлүктүн бар экендигине болгон ишенимди жайылтуудан эбегейсиз пайда табабыз.

25. КЕҢЕШҮҮ

Алла Таала айтты: «Алардын иштери (дайыма) өз-ара акыл-кеңеш (менен) болот» (Кеңеш (Шура): 38-аят), «Иштериңерде аларга кеңеш салгын!» (Имрандын үй-бүлөсү: 159-аят).

Ошондуктан үгүт ишинде кеңешип, демилгелерди жана жаңы нерселерди киргизүүгө шыктандырып, карама-каршы келген жана колдогон көз караштарды бирдей сыйлап, ар бир адамга ой жүгүртүүдөгү жана өз оюн билдирүүгө мүмкүнчүлүк берген укугун берүүгө чакырабыз.

Кеңешкен соң шариаттын жалпы жана ачык-айкын негиздерине каршы болбой кабыл алынган чечимди милдеттүү түрдө бардыгы аткарышы зарыл.

Чечим туура, же болбосо ага мүмкүн болушунча жакын болуусу үчүн, бекитилген негизине таянып кабыл алынуусу керек. Ал эми бул өз мезгилинде керектүү маалыматтар толук болуп, ошондой эле талкуулар чыныгы, объективдүү жана ишеничтүү болушун талап кылат.

26. ИШТИН ТЫНЧТЫКТЫН НЕГИЗИНДЕ ЖҮРҮШҮ

Үгүт ишин алып баргандар үгүттөө жаатында иштеп жаткан уюмдарындагы милдеттерин оңой, ыраазы болуп, тынчтыктын, сүйүүнүүн негизинде ишке ашырууга өбөлгө түзгөн, даанышмандыкка негизделген, так натыйжалуу жолдорун иштеп чыгып, аны аткаруулары зарыл. Бул нерсе өзүмчүлдүккө, монополизмге, камкордукка алууга жол бербейт, бөлүнүү жана бузукулукту жок кылып, алсыздык жана өзгөрбөй бир калыпта калууга жол бербейт, жаңылануу жана чыгармачылыкка мүмкүнчүлүктөрдү ачып, муундар арасындагы байланышты кеңейтип, мүмкүн болушунча

көбүрөөк сандагы адамдарды башкаруу ишке үйрөтүүгө жардам берип, топто иштей билүү жөндөмүн тереңдетип, уюмдук иш алып барууну сыйлоо сезимин бекемдейт.

27. ТАЛАП КЫЛЫНГАН ӨЗГӨЧӨЛҮК

Биз мурунку жана учурдагы илимдүү үгүт ишин алып баргандарды жана реформаторлорду жакшы көрүүгө милдеттүүбүз. Аларга дуба кылып, жолун жолдойбуз. Бирок аларды кемчиликтен таза деп ыйык сезип, мезгил, аймак жана бизди курчаган шарттарды эске алууну талап кылган өзгөчөлүктөрүбүзгө маани бербестен, тажрыйбаларын толугу бойдон ойлонбостон колдонушубуз туура эмес. Ошондуктан, биз алар аракет кылгандай аракет кылып, алар өз учурундагы өзгөчөлүктөрүн эске алгандай, биз да өзгөчөлүктөрүбүздү эске алуубуз зарыл.

28. ЫЙЫКТЫК ДАРАЖАСЫНА КӨТӨРҮҮ ЭМЕС, КАДЫРЛОО

Мусулман үгүт ишин алып барган өз башчысын илимдеги устатын, мечитинин имамын, ж.б.у.с.ларды жакшы көрүүсү анын табиятына тиешелүү, керектүү, табигый нерсе. Бирок бул сезимдер чектен чыкпоосу керек. Мурунку диндерди кармангандар өз пайгамбарларын, такыбаларын ашкере улуктап, Алланын даражасына теңеп, Андан башкага ишеним артып, Ага шерик келтирип адашышкан. Өзүлөрү таянган илимий булактарына өзгөчө берилгендик катардагы мусулмандар жана үгүт ишин алып баргандар арасында кенен жайылган оорулардан. Аларды кемчиликтен таза болгон сымал акыйкат менен жалганды, ката менен ката эмести айырмалай турган норма катары кабыл алышып, «адамдар аркылуу акыйкатты эмес, акыйкат аркылуу адамдарды билебиз» деген эрежени унутушту.

Бул ашкере берилгендик мусулмандардын бөлүнүшүнүн, үгүт ишин алып барууну түзүүчү бөлүктөр арасында жек көрүү сезиминин жайылышынын бирден бир себеби.

Бул көйгөйдүн чечилиши адамдардын өз илимий булактарын чени менен жакшы көрүп, аларга кээ бир учурда ката кетирип, кээде кетирбей турган адам баласынын бири катары карап, алардагы акыйкаттын жана жетишкендиктеринин деңгээлине жараша сүйүү, кадырлоо жана ардактоодо. Мусулман акыйкатты көздөйт, ал эми илимий булак болсо, ошол акыйкатка жеткенге өбөлгө түзүүчү курал, ал - убактылуу, ал эми түшүнүк - максат, ал - түбөлүктүү.

29. БАШКАЛАРГА ЖЫЛУУ МАМИЛЕ КЫЛУУ

Чындыгында, диний принциптерибиз биздин мүлкүбүз эмес, тескерисинче, биз - ага мүлкпүз. Ошондуктан башкалардын бул жаатта кылган аракеттерине, ишинде колдонгон өзгөчө ыкмаларына, башка иштерине кең пейилдик менен жылуу кабыл алып, жасагандарына кубануубуз керек, анткени алардын да, биздин да аракеттерибиз үгүт ишин жүргүзүүгө өбөлгө түзөт. Демек, аларды жакшы көрүп, аракеттерин жогору баалап, туура кеңеш берип, мүмкүн болушунча кызматташуубуз керек. Ошондой эле, жеке инсанга же топко тиешелүү иштерден, андагы ката жана кемчиликтерине карабастан, аз деңгээлде болсо да пайда алуубуз зарыл. Аны менен биргеликте «макулдашкан нерселерибизде кызматташабыз, келишпестиктерибизде бири-бирибизди кечиришебиз», - деген Мухаммад Рашид Риданын белгилүү эрежесине ылайык ортодо келишпестиктерибиз болсо да, жакшы адамдарга кечиримдүү болушубуз кажет.

30. КАТА КЕТИРҮҮДӨН АЛЫС БОЛУУ СЫПАТЫН ӨЗҮБҮЗГӨ ГАНА ТИЕШЕЛҮҮ ДЕП ЭСЕПТЕБЕЙБИЗ

Чындыгында, биз ачык-айкындык жана чечкиндүүлүк менен ката кетирүүдөн алыс болуу сыпатын өзүбүзгө гана тиешелүү деп эсептебей тургандыгыбызды ырастайбыз. Ошондой эле, башкаларды да мындай ката кетирбесин эскертебиз. Биз өз максаттарыбыздын жана колдонгон ыкмаларыбыздын тууралыгына ишенебиз, бирок алар кемчиликтен таза деп санабайбыз. Андагы каталарды, же кемчиликтерди көрсөткөндөрдү жылуу кабыл алып, ыраазычылык билдиребиз, ошону менен биргеликте башкалардын тандаган максаттарын жана ыкмаларын сыйлайбыз.

Кудуреттүү жана Улуу Алланын ыраазычылыгын көздөп ниеттерибизди таза кармоо, туура жолдо жүрүү, жаңылыктарды киргизүүгө тайманбастан аракет кылуу, бизден ката кетирген учурда аны ачык түрдө моюнга алуу, башкалардын туура иштерине чын жүрөктөн кубануу бизден талап кылынат.

Бул өз учурунда бизден өз ара тажрыйба алмашууга чакырууну талап кылат. Анын үгүт ишин алып барган адамды жана уюмду маалымат менен камсыз кылууда, алышуу-беришүү аркылуу тажрыйба байытууда маанилүүлүгү абдан чоң. Анткени туура жолго жолдоого муктаж болбогон, же болбосо кылган бардык иштери туура болуп, ал эми башкалардын иштеринин бардыгы туура эмес болгон адам мурда болгон эмес жана болбойт дагы.

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ:

ҮГҮТ ИШИН АЛЫП БАРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА БУЛ ЖААТТА ИШТЕГЕНДЕРДИН ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТӨРҮН ЖОГОРУЛАТУУ

31. МАКСАТТАРДЫ ТАКТОО

Ар бир үгүт иштин көздөгөн максаты бар. Мына ошол максаттардын такталышынын маанилүүлүгү абдан чоң. Ошондуктан бул же тигил үгүт ишин алып баргандар тактык менен көздөгөндөрүн ачык белгилөөгө көңүл буруп, ар бир сүйлөмгө, ал эмес ар бир сөздүн тактыгын, түшүнүктүүлүгүн, тууралыгын, ага болгон муктаждыкты, кабыл алынышынын мүмкүндүгүн эске алып жазылышы керек. Кимде-ким жеке инсан болобу, же топ болобу, аткарылышы мүмкүн болбогон үмүттөр менен учурдагы жашоо чындыгы экөөнүн ордун алмаштырса, анын ишинин ийгиликке жетишинен, ийгиликсиз, же болбосо такыр эле жок болушунун ыктымалдуулугу көбүрөөк болот. Ката жеке инсандар тарабынан кетирилгенде чоң жоготуу, ал эми топ тарабынан кетирилгенде андан эселенген чоң жоготуу.

Үгүт ишине багытталган эң курч сындардын бири, бул жаатта иш алып баргандардын көпчүлүгүнүн өзүлөрү көздөбөгөн нерселерди билип, бирок көздөгөн нерселерин так билбегендиги. Үгүт ишин алып баруу жаатында туура эмес, же болбосо туура, бирок аткарылышы мүмкүн болбогон максаттар кабыл алынган учурда өзүнө зыян келтирет, анткени ал алыстан көрүнүп жакын барганда жок болуп кетчү закымдын аркасынан бараткан адам сымал. Аларга жакшы ниеттери пайда бербейт, себеби жакшы ниет талап кылынган нерсенин жарымын түзөт, анын экинчи бөлүгү иштин туура болушу.

Үгүт ишин алып баргандар өзүлөрүнүн ким экендигин, эмнени көздөшөрүн даана билип, анын негизинде келечекте аткаруучу иштерин тактоосу зарыл. Натыйжада алар өзүлөрүнүн алдында жана чакырыгына жооп бергендердин алдында ак болот. Бул нерсени аткарышкан болсо ийгиликке, ал эми аткарышпаса чоң кайгыга алып келет.

32. КЕЛЕЧЕККЕ КАРАЙ...

Мезгил Кудуреттүү жана Улуу Алланын буйругуна ылайык токтобой дайыма кыймылда болуп келет. Бүгүнкү күн кечээги күндүн баласы, эртеңки күндүн атасы. Ошондуктан үгүт ишин алып баруу жааты өткөн мезгилдин тажрыйбасынан пайда алып, учурдагы мезгилге туура мамиле кылып, келечекке даярданып, өз мүмкүнчүлүктөрүнүн негизинде аракет кылып, калганын ишенимдин жана тобокелдиктин негизинде себептердин Жаратуучусуна табыштоосу керек.

Ошондуктан келечекке көз чаптырып, аткарыла турган иштерди белгилөө үгүт ишин алып баруу жаатындагы милдет, туура жолдо экендиктин белгиси, ийгиликке жетүүнүн себеби. Бул нерсе аткарылган болсо жакшы, ал эми аткарылбаган болсо, анда өзүнүн өзгөрбөй бир калыпта калган жана айланадагылардан обочолонгон абалда экендигин билип, мезгилдин өтүшү

менен өз милдетин аткарып, тарыхтын түпкүрүндө унутулуп өтүп кеткен кабар катары кала берет.

Ислам келечектин дини, аны көп нерседен байкайбыз, эң негизгиси бардык учурда Кудуреттүү жана Улуу Алланын көзөмөлүндө экендигибизди эскертип, Кыямат Күнүнө даярдануунун чакыра тургандыгы, себеби биздин чыныгы келечегибиз тигил жакта. Бардыгыбызга Жусуп пайгамбардын (ага Алланын саламы болсун) Мисир элин келечекти даанышмандык менен аткарыла турган иштерди белгилөөнүн негизинде, капааттуу жылдардагы ачкачылыктан куткаргандыгы тууралуу окуя маалым. Ошондой эле пайгамбарыбыз Мухаммед (ага Алланын салават-саламы болсун) бардык иштеринде келечектеги кадамдарын өтө тактык менен алдын-ала белгилөөгө өтө чоң көңүл бөлгөн. Ал нерсени биз Эфиопияга, кийин Мединага болгон көчүүдөн, иудейлер менен түзгөн келишимден, жиберген аскерлеринен, өзү башкарган жортуулдардан, каттарынан, жергиликтүү жана дүйнөлүк кабарлар менен болгон маалыматтуулугунан, Мединада жашаган мусулмандардын санын так билгендигинен, ж.б.у.с. пайгамбарыбыздын өмүр баяны толгон окуялардан билебиз.

33. КӨРӨГӨЧ ЖАҢЫЛАНУУЛАРДЫ КИРГИЗҮҮ

Өзгөрбөй турган туруктуу нерселерди сыйлоо менен бирге үзгүлтүксүз жаңылануунун маанилүү экендигине ишенебиз. Мына ошондо туура бар нерсе менен жаңы пайдалуу нерсени бириктирүү принциби ишке ашат да, учурдагы мезгил менен байланышта болуп, анын көйгөйлөрүн билүүгө өбөлгө түзүлөт. Бул нерсе өз убагында бизди өзгөрбөй бир калыпта калуудан, жөндөмсүздүк жана обочолонуудан сактай турган ишмердүүлүктү берет.

Ислам жаатында иш алып барууда үзгүлтүксүз түрдө өз принциптерине (негиздери), программаларына, ураандарына, башкаруусуна, алардын канчалык деңгээлде туура же туура эместигине, жарактуу же жараксыз болгондугуна, мүмкүн же мүмкүн эместигине карап, жергиликтүү жана дүйнөлүк өзгөрүүлөрдүн негизинде биринин ордуна экинчисине артыкчылык көрсөтүп, оңдоп же таптакыр баш тартып, кошумчаларды киргизип же ылайык эместерин алып салып, ордуларын алмаштырып туруу зарыл. Ошондой эле, кетирген кемчиликтер кийинки муундар тарабынан кайталанбашы үчүн күбөлөрдүн алдында ачык жарыялап, иш алып барууга жаңы майдандарды издөөсү зарыл. Эгерде аны аткарган болсо, ал өзүнүн тирүү жана ишин улантууга кудурети жете тургандыгын тастыктап, жакшы белги болот. Эгерде бул нерсе ишке ашпаган болсо, анда ал бир калыптан чыкпай, эскирип, начар натыйжанын жышааны болот.

34. ӨЗ КҮЧҮНӨ ТАЯНУУ

Биз мүмкүн болушунча өз күчүбүзгө жана мүмкүнчүлүктөрүбүзгө таянууга чакырабыз, себеби өз эрки менен көрсөтүлгөн жардамдар үзгүлтүксүз уланып туруучу ишеничтүү булак эмес. Балким бул маселедеги эң маанилүү чечим мүмкүнчүлүктөрдү жана шарттарды эске алуунун негизинде уюштурулган кайрымдуулук максатында калтырылган мүлктүн негизинде иш алып барган уюмдарды ачуу.

35. ЭЭРЧҮҮГӨ ТАТЫКТУУ ӨРНӨК

Үгүт ишин алып баруу жаатындагы кандай уюм болбосун өз принциптери, программалары, келечекте ишке ашырууну каалаган иштери, анда иштегендердин адеп-ахлагы менен башкалар көргөндө суктанып, жолун жолдой турган өз жаатында ийгиликтүү иш алып баруунун эң жакшы мисалы болуусу зарыл.

36. ТАЛАП КЫЛЫНБАГАН ДАРАЖА

Үгүт иши бул жашоодогу эң кадырлуу милдет, себеби ал пайгамбарлардын (аларга Алланын салават-саламы болсун) милдети. Кимде-ким үгүт иши менен алектенгендиги маалым болсо, адатта андай адам элдин сый-урматына, сүйүүсүнө арзып, өзгөчө даражага ээ болот.

Эң негизгиси, Кудуреттүү жана Улуу Алланын ыраазычылыгын көздөгөн адам, эл арасында бийик даражага ээ болууну негизги максат кылып албашы зарыл, тескерисинче, жалгыз гана Алланын ыраазычылыгын көздөөсү керек. Эгерде адам андай даражага умтулбастан эле жеткен болсо, анда Кудуреттүү жана Улуу Аллага шүгүр келтирип, ал даражага татыктуу деңгээлде болууга аракет кылып, элге жылуу сезимдерин тартуулап, жакшылык кылып, кичипейилдик менен мамиле кылып, аларга кызмат кылууга болгон күчүн жумшап, алардын колундагыга көз артпоосу зарыл. Ал бул даражаны мансап эмес жоопкерчилик, жашоонун сыйлыгы эмес жүк, олжо эмес жоготуу, ардактоо эмес милдет катары кароосу керек.

Ушул жерде айта кетчү нерсе, кичипейилдик жана бирөөнүн колундагыга көз артпагандык бул даражага жетүүгө таптакыр аракет кылбагандык дегенди түшүндүрбөйт, себеби, ал Билүүчү Алланын максаты болгон адамды жер үстүндөгү орун басары кылып, анын ааламды өздөштүрүүсүнө карама-каршы келет. Жусуп пайгамбардын (ага Алланын саламы болсун) бийик даражалуу орунга жетиши бизге сабак болуп, анын жолун жолдоого мисал болот. Ал ошол бийик даражалуу орунга ээ болушу менен адеп-ахлактык баалуулуктар менен өзгөчөлөнгөн көз карашынын негизин-

де коомго пайда алып келип, адилеттүүлүк жана такыбалыкка негизделген коомдук байланыштын бекем болушуна салым кошкон.

Үгүт ишин алып барууга жөндөмдүү адам элинин, мусулман коомчулугунун, жалпы адамзатынын кызматына өз жөндөмдөрүн, кудуретин көрсөтүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Ал эми ошол иштин кабыл алынышын шарттаган эң негизги белги ниет болуп кала берет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салават-саламы болсун) айтты: «Чындыгында, иш-амалдар ниетке жараша (бааланат), жана, чындыгында, ар бир адамга ал ниет кылган нерсе гана тиет, ошондуктан Аллага жана Анын элчисине хижра (көчүү, жер которуу) кылган (адам), Аллага жана Анын элчисине хижра кылат, дүйнөгө тиешелүү башка бир нерсе үчүн же өзү үйлөнүүнү каалаган аял үчүн хижра кылгандар, эмнеге хижра кылышкан болсо, ошого гана жер которушат». (Бухариден берилет)

37. АРТЫКЧЫЛЫК КӨРСӨТҮҮ

Ислам жаатында иш алып барууда башкаруучулукка сыноолордун негизинде бул улуу милдетке татыктуу болгон адамдардын арасынан тандоо зарыл.

Өкүнүчтүүсү бул жаатта иш алып баргандардын көпчүлүгү ар кандай деңгээлде бул эрежени сакташпайт, ошондуктан, биринчиси, чечендигинин негизинде, экинчиси, коомдо ээлеген ордуна карап, үчүнчүсү, башкалардан өзгөчөлөнгөн өз жерине абдан берилгендиктин, ж.б.у.с.лардын негизинде тандалат.

Татыктуулук маанилүү критерийлердин негизинде билинет. Алардын эң алдында шариатка моюн сунуу. Аны мусулман коомчулугу биринчи орунга койгон. Андан соң такыбалык, илим, жөндөмдүүлүк. Ошондой эле бул же тигил мансапка татыктуулук анын табиятына да байланыштуу.

38. БАШ ТАРТУУГА МҮМКҮН БОЛБОЙ ТУРГАН НЕРСЕЛЕР

Үгүт ишин алып баруунун бардык бөлүктөрү өзүлөрүнүн принциптери, программалары, келечекте көздөгөн иштери, жүрүм-туруму менен жалпы бардыгынын өзгөчө башчыларынын туура иште, чын ыкластуулукта, чынчылдыкта, аракетчилдикте жакшы өрнөк болуулары зарыл. Ошондо башкалар көрүп сыйлап, суктанып, ээрчий турган ийгиликтүү мисал болот. Эгерде алар мындай абалдан бир аз деңгээлде гана төмөн боло турган болсо, анда терс мисалга айланып, бар болгонунан жок болгону жакшыраак болот.

Өзү жайылтуусун максат кылган дин адеп-ахлагын толук карманбаган үгүт иши аны башкарган системалары менен биргеликте чыныгы жүк болуп калат. Ал убактысы келгенде жарылчу бомба сымал, жарылганда чоң кайгы жана шерменделикке алып келет.

Үгүт ишин алып баргандар маанилүүлүгү жана ийгиликтүүлүгү жагынан жакшы мисал болуудан өткөн курал жок экенин эсинен чыгарбоосу зарыл. Исламды жайылтууда мусулман үгүттөөчүлөр көптөгөн ыкмалар менен ийгиликке жетишкен, алардын алдында жакшы мисал болуу турат. Ошондуктан алардан эң биринчи талап болгону, бул өзүлөрү чакырган нерседе эл арасында чыныгы мисал болушу.

39. НАРЦИСЧИЛЕР (ӨЗҮН ӨЗҮ СҮЙГӨНДӨР)

Байыркы грек уламыштарынын биринде, «Нарцисс» аттуу сулуу жигит тунук булакка карап өзүн көрөт, өзүнүн сулуулугуна суктанып, өлүп калгычакты суудагы караанын тиктеп отура берет. Кийин ошол суудан нарцисс гүлү өсүп чыгат. Мына ошондон «нарцисстик» деген термин тарап, өлүмгө жеткирүүчү өзүнө өзү өтө суктангандык дегенди түшүндүрөт.

Ислам жаатында иш алып барууда да ушуга окшогон адамдар пайда болгон. Алардын артыкчылыктарына, жөндөмдөрүнө карабастан, бул чөйрө андайлардан тазаланышы зарыл.

Аларды толугу менен жаман деп айтууга болбойт, алардын жакшы жактары да бар. Бирок алар ислам жаатындагы ишке анын талаптары өзүлөрүнүн каалоолоруна туура келген учурда кызмат кылып, андай болбосо алысташып, эң чоң душмандарына айланышы мүмкүн. Ал эми айрылуу учуру келбеши мүмкүн эмес, себеби алар өз каалоолорунун кулдары. Демек, алар убактысы келгенде жарылчу бомба сыяктуу, алардын ислам жаатында иш алып барууга катышышы абдан чоң ката. Алардын катышышына уруксат берген адамдын катасы мындан да чоң.

40. ПОЗИТИВДҮҮЛҮК

Биз позитивдүүлүкө, иштин оңунан чыгышына үмүттөнүүгө, кубанычтуу кабарларды жайылтууга, жеңилдетүүгө басым жасап, негативдүүлүктөн, ийгилике ишенбестиктен, коркутуудан, татаалдаштыруудан оолак болууга чакырабыз.

41. ТААСИР БЕРҮҮ ЖАНА КЫЗЫГУУ ЧӨЙРӨЛӨРҮ

Мусулмандын жашоосунда эки чөйрө бар. Биринчиси, таасир берүү чөйрөсү. Ал өзүнө же башкаларга пайдалуу болуп, өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша активдүүлүгүн көрсөтө ала турган нерселерди түшүндүрөт. Мисалы, өзүнүн ден соолугу жана күнүмдүк турмушуна көңүл буруу, жакындарына жана досторуна кызмат кылуу, айланасындагыларды туура жолго чакыруу, өз жөндөмдөрүн өнүктүрүү, үй-бүлөсүн коргоо, жумушундагы жана өлкөсүндөгү мыйзамдарды билүү, ж.б.у.с.

Экинчиси, кызыгуу чөйрөсү. Эч кандай таасир эте албаган жергиликтүү жана дүйнөлүк кабарларга байкоо жүргүзүү дегенди түшүндүрөт. Мисалы, нефтинин баасынын өсүшү, климаттык өзгөрүүлөр, айлана-чөйрөнүн булганышы, ачкачылык, ж.б.у.с.

Бийик аң-сезимдүү мусулмандын биринчи чөйрөгө көбүрөөк көңүл буруусу талап кылынат, анткени бул чөйрөдө ал өз таасирин тийгизе алат жана таасир этүүгө шариат тарабынан милдеттендирилген.

Экинчи чөйрөгө учурда болуп жаткан окуялардан маалыматы болуп, башкалар менен бекем байланышта болууга жеткиликтүү болгондой аз деңгээлде гана мамиле куруу зарыл.

Эгерде бул чөйрөгө тереңдеп кетсе, тыюу салынган нерсеге дуушар болуп, оңдоого алы жетпеген нерсеге күч-аракетин, убактысын текке кетирип, ден соолугун жоготуп, дайым тынчсызданууга иштин оңунан чыгышына ишенбей, кайгы-капага алып келип, кээ бир учурларда башкалардан обочолонуп, колунан келе турган нерселерди кылуудан да баш тартып, өзүнө-өзү шылтоолорду таап, балким өзүнүн мындай абалда болушуна тагдырды күнөөлөйт. «Ийгиликтүү адамдар чечимдерди табууга чебер, ийгиликсиз адамдар шылтоолорду табууга чебер», - деген сөз кандай таамай айтылган.

42. АДАМЗАТЫНЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

Кудуреттүү жана Улуу Алла Өз динин сактоону убада кылып, бирок Ал мусулмандарга бул милдетти жүктөгөн. Бул дин чыныгы дин болгонуна карабастан, тагдырга баш иет, бирок адамдардын колу менен. Биз бардыгыбыз пайгамбарлар (аларга Алланын салават-саламы болсун), алардын эң жакын жолун жолдоочулары, сахабалары, алардын жолун жолдогондор бул дин үчүн кылган курмандыктарын билебиз, аларды ээрчийбиз жана жолун жолдойбуз.

43. АЛАР ЖООПТУУ

Үгүт ишин алып баргандардын көпчүлүгүнүн арасында алардын иши оңунан чыкпаганда, натыйжа үчүн жооптуу эмес экендиги тууралуу түшүнүк тараган. Бул нерсе тактоого муктаж, антпесе анын ушул бойдон калтырылышы чоң коркунучту туудурат. Анын эң эле жөнөкөйү отчеттуулуктун, сурактын, ишин жакшы аткарган адам менен жакшы аткарбаган адамдын ортосунда айырманын жоктугу.

Эгерде үгүт ишин алып баргандар Кудуреттүү жана Улуу Алланын ыраазычылыгын көздөшүп, туура нерселерди карманышып, бардык колунан келген аракеттерин жасашса, ийгиликке жеткен учурда ыраазычылыкка арзышып, ага жетпеген мезгилде акталууга татыйт. Бул үч шарттын бири же көбү жок болсо, иштери оңунан чыкпай, мындай абалга жеткендиги үчүн жооптуу болот.

44. ОТЧЕТТУУЛУКТУН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

Отчеттуулук принциби нукура ислам принциби жана бийик маданияттуулуктун формасы. Ошондуктан биз аны сактообуз жана үзгүлтүксүз түрдө колдонуубуз зарыл. Бул өз оюн ачык айтуу, ой бөлүшүү, өзүн-өзү сындоо, өз иштерине дайым көз чаптыруу, үзгүлтүксүз оңдоп-түзөө аркылуу ишке ашат. Ошондо биз оң жактарыбызды билип, аларды сактап калууга жана көбөйтүүгө, ал эми терс жактарыбызды билип, алардан сактанууга жана кутулууга аракет кылабыз, себеби адам баласынын иши туура да, туура эмес да болушу мүмкүн.

БЕШИНЧИ БӨЛҮМ: ҮГҮТ ТҮШҮНҮГҮ

45. ЖАМААТТЫК АРАКЕТТЕНҮҮ ТҮШҮНҮГҮ

Ислам дини бардык мезгилде жана бардык жерде жарактуу экендигине, ошондой эле жаңы пайда болгон көйгөйлөрдүн чечүүгө жөндөмдүүлүгүнө терең ишенебиз, дайым ырастап келебиз, жана окумуштууларды ислам көрсөткөн чечимдерди сунуштоого чакырып, жамааттык деңгээлде иш алып барган уюмдарды колдойбуз.

Аларга мисал: Мисирдеги «Ислам изилдөөлөр академиясы», Ислам дүйнөсүнүн лигасындагы «Мусулмандык укук академиясы», Хуртумдагы (Судан) «Мусулмандык укук академиясы», «Фатва чыгаруу жана изилдөөлөрдү жүргүзүү боюнча Европа кеңеши», Түндүк Америкадагы «Мусулмандык укук кеңеши», ж.б.у.с. уюмдар. Буга окшогон уюмдарды түзүү абдан маанилүү. Бул уюмдардын өз ара келишимге келишине үмүттөнөбүз, себеби бул келишим пайданын көлөмүн чоңойтот. Ошондой эле бул уюмдардын ички бөлүмдөрүнүн квалификациялуу, тажрыйбалуу адистер менен толукталышына үмүттөнөбүз. Бул нерсе уюмдарга кошумча ишенимдүүлүк жана натыйжалуулук берет.

46. АЙЫРМАЧЫЛЫКТАР ТҮШҮНҮГҮ

Ислам биримдикти жогору баалап, ага үндөйт жана бөлүнүүдөн сактанууга чакырат, ошол эле кезде адам баласы ар түрдүү болуусу Алла Таалanын бул дүйнөдөгү мыйзамдарынын бири болгон айырмачылыктарга алып келерин моюнга алат.

Айырмачылыктар эки түрдүү: пайдалуу жана зыяндуу. Анын пайдалуу түрү көз караштардагы айырмачылыктар, себеби ал Алланын даанышмандыгына ылайык инсандык тажрыйбаны байытып, адамзатынын табиятына шайкеш келет. Алла Таала адамдарды мүнөзү, өңү-түсү, көлөмү жагынан айырмалантып түрдүү жараткан сымал, акыл-эси, түшүнүгү, ой жүгүртүү жолу менен бири-биринен айырмалантып жаратууну каалады.

Ал эми зыян келтирүүчү айырмачылыктар, бул Ыйык Курандын аяттары жана хадистер арам кылып тыюу салган жүрөктөрдөгү айырмачылыктар. Алла Таала айтты: «Бардыгыңар Алланын жибине (Куранга) байлангыла жана бөлүнбөгүлө! Ошондой эле Алланын силерге берген жакшылыгын эстегиле: бири-бириңерге душман элеңер, дилдериңерди достоштуруп койду эле, силер Анын жакшылыгы себептүү бир тууган болуп калдыңар. Тозоктон болгон бир чуңкурдун жакасында турган элеңер, силерди андан куткарды. Акыйкат жолду табышыңар үчүн Алла силерге Өз аяттарын мына ушундай баян кылат». (Имрандын үй-бүлөсү: 103-аят)

Пайдалуу айырмачылык бул түрлөрдөгү айырмачылык, ал топ шамдарды күйгүзгөндө канчалык саны көп болсо, ошончолук жарыгыраак болгон сымал. Алар бири-бирин өчүрбөйт. Ал эми зыяндуу айырмачылык,

кастыкка, талаш-тартышка алып келүүчү айырмачылык, ал түрдүү пикирде болгондордун бардыгын алдан тайдырып, ийгиликсиз кылып күчүнөн ажыратат.

Исламда айырмачылыктын өмүр сүрүүсү мүмкүн болбогон жабык аймак бар экендигине басым жасоо зарыл, себеби ал мусулман коомчулугуна алардын ким экендигин, рухун, милдетин, ишенимдеги, жүрүм-турумдагы, сезимдеги биримдигин сактап келген дин негиздерин түзөт. Бул дин негиздери – ишенимдер, ибадаттар, адеп-ахлактар жана туруктуу (талашып тартышууга мүмкүн эмес) чечимдер. Бул нерсе айырмачылыктар түшүнүгүн жана анын адептерин үйрөнүүнү, башкалардын шариат уруксат берген, чектен ашпаган айырмачылыкка болгон укугун таануу талап кылат. Мисалы, аймак жана мезгил шарттарына ылайык өзгөрүүгө, алмаштырууга мүмкүн болгон колдонулуучу ыкмалардагы жана куралдардагы айырмачылыктар.

47. ДИНИЙ АГЫМГА ТИЕШЕЛҮҮ БОЛУУ ТҮШҮНҮГҮ

Жалпы исламга тиешелүү диний агымдар, алардын ичинен кенен жайылган төрт мазхаб – кымбат баалуу мурас жана чоң байлык. Алар окумуштуулар тарабынан негизделип, узак мезгил бою такшалып, мусулман коомчулугунун сыймыгы болуп калган.

Мусулман алардын ичинен өзү жолдой турганын тандап, колунан келишинче мазхабынын далилдерин билип, башкалардын тандоолорун сыйлап, керек болгон учурда, ал карманган мазхаб же башкасы болобу адептин, объективдүүлүктүн негизинде, акыйкатка таянып, кең пейилдүүлүк менен диалог түзүшү керек.

Бардык диний агымдарда ар кандай деңгээлде ката жана туура болуу, жакшы жана начар болуу үлүшү бар. Бул салыштырууга, салыштырган соң, эң мыктысын тандоого, жаңы нерселерди киргизүүгө кудурети жеткен ишенимдүү окумуштуулар чечүүчү иш.

Айыптоого татыктуу диний мазхабга ашкере берилгендик өтө зыяндуу, бирок мазхабдын кемчиликтерин эскерип, ага каршы күрөшүп, карапайым мусулмандарды аны таштоого жана түз Куран менен Сүннөттү карманууга чакыруунун зыяны көбүрөөк. Ал эми мазхабдарды жоюу иши мүмкүн эмес. Аны ишке ашырууга аракет жасап, өзүлөрү же болбосо шейхтери тандаган мусулмандык укук жаатындагы чечимдерге жана аракеттерге биригиши, билип же билбей жаңы диний мазхабдын негизделишине алып келди. Ошентип башкаларды сындаган нерсеге өзүлөрү дуушар болуп жатышат.

48. МАКСАТТАР ТҮШҮНҮГҮ

Үгүт ишин алып баргандар максаттарды жакшы түшүнүп, аларды терең билүүсү керек. Диний тексттердин түз маанисин бекем карманып, анын сөзмө-сөз маанисине токтолуп, алардын түбүндө жаткан максаттарга, сырларга, маанилерге көңүл бурбоо туура эмес. Бул диний тексттердин баалуулугуна болгон шалаакылык, шариат өкүмдөрүнөн баш тартуу дегенди эмес, тескерисинче, алардын түпкүрүнө жетүү, макулдашылган жана талаш-тартыш туудурган маселелердин ортосунда тең салмактуулукту карануу, майда бөлүктөрдү жалпы түшүнүктөрдүн, шариаттын жалпы максаттарынын жана «эң негизгиси сөздөр менен формалар эмес, максаттар жана маанилер эске алынат», «иштер максаттарына жараша бааланат» деген диний эреженин негизинде түшүнүү дегендик.

Бул максаттарды туура түшүнүп, жаратылуунун чыныгы максатынын ишке ашырылышына мүмкүнчүлүк түзүлгүдөй мамиле кылуу үчүн, ушул чөйрөдө иштеген адистердин кеңештерин аткаруубуздун талап кылынары эч күмөн туудурбайт.

49. МААНИЛҮҮЛҮГҮ ЖАГЫНАН АЛДЫҢКЫ ОРУНДА ТУРГАН НЕРСЕЛЕР ТҮШҮНҮГҮ

Биз маанилүүлүгү жагынан алдыңкы орунда турган нерселер түшүнүгүн ырастап, кадырын көтөрүп, аларга чакырабыз, анткени исламга тиешелүү маселелер бир деңгээлде эмес. Мисалы, ыйман жана Алланын жалгыздыгына ишенүү маселеси жолдон жолтоо болгон нерсени алып салуу маселесине караганда маанилүүрөөк. Ошондой эле үгүт ишин алып барууга байланышкан маселелер да бир деңгээлде эмес, демек, биз аларды жакшы түшүнүүбүз керек жана ар бир маселени өз ордуна коюу керек, өзгөрүүлөргө ылайык мезгил-мезгили менен ал маанилүүлүгү жагынан алдыңкы орунда турган нерселердин тартибин кайра карап чыгуубуз зарыл, себеби исламда алардын тартиби туруктуу, ал эми ислам жаатындагы иш алып барууда мезгилге, аймакка жана инсанга ылайык өзгөрүп турат. Бир нече зыяндуу нерсеге дуушар болгондо, аларды салыштырып, зыяны азыраагын тандоого жөндөмдүү болуу, пайдалуу нерселерди ишке ашыруу-га мүмкүнчүлүк түзүлгөндө, пайдалуураагын тандоо өңдүү нерселер бул түшүнүктүн логикасына байланышы бар.

ЖЫЙЫНТЫКТАР ТҮШҮНҮГҮ

Үгүт ишин алып баргандар жыйынтыктар түшүнүгүн, башкача айтканда, алардын бул же тигил чечимдин негизинде кандай жыйын-

тыктар болорун, иштердин жүрүшүн билүүсү зарыл. Бул нерсе Кудуреттүү жана Улуу Алланын бул жашоодогу мыйзамдарын терең билүүнү, жергиликтүү, региондук, дүйнөлүк абалды жакшы түшүнүүнү талап кылат. Ошондуктан алар кандайдыр бир чечим чыгарардан мурда, ал кандай жыйынтыкка алып келерин жакшылап карашы, өзүлөрүнө жана айланадагыларга тийгизе турган таасирин түшүнүүсү, эсеп- кысаптарынын болжолго эмес терең ишенимге, шашкалактыкка эмес сабырдуулукка, кыялдануугa эмес жөндөмгө таянуулары кажет.

УЧУРДАГЫ АБАЛ ТҮШҮНҮГҮ

Үгүт ишин алып баргандар учурдагы абалды билүүгө, курчаган шарттарды, анын тегерегинде түзүлгөн кырдаалды, үмүттөр менен мүмкүнчүлүктөрдүн ортосундагы чыныгы аралыкты билүүсү керек.

Ошондо алардын ураандарын, максаттарын, программаларын ишке ашырууга мүмкүн болот. Бул нерсе адамдардын аң-сезимин, ички дүйнөсүн даярдоону, коомчулукту түшүнүктүү, камкордук менен тандалган нерселердин айланасында бириктирип, зарылдыктарды эске алып, аз-аздан алдыга жылуу мыйзамына ылайык иш алып барууну талап кылат.

50. АДИЛЕТТҮҮЛҮК ЖАНА ОРТОЧЕНЕМДҮҮЛҮК ТҮШҮНҮГҮ

Ислам орто/адилеттүүлүк жана орточенемдүүлүк дини. Ал айыпталууга татыган ашкеречиликтен жана шалаакылыктан алыс.

Кудуреттүү жана Улуу Алла мусулмандарды мактап: «Биз ошондой эле (башкача айтканда, Туура Жолго баштаганыбыз сыяктуу эле) силерди башка адамдардын үстүнөн күбө болууңар үчүн жана пайгамбар силердин үстүңөрдөн күбө болуусу үчүн орто (адилеттүү) бир үммөт-жамаат кылдык» (Уй (Бакара): 143-аят), - деген, мындайча айтканда, адилеттүү жана эң жакшы коом кылган, себеби бардык нерселердин эң жакшысы ортосу болот, ал эми ашкеречилик менен шалаакылык айыптоого татыйт.

Чындыгында, шалаакылык айыптоого татыктуу, анткени жеке жана топ кызыкчылыктарын жок кылат. Ашкерелик да айыптоого татыктуу, анткени адам табиятынын мүмкүнчүлүгүнө карама-каршы келет. Ошондуктан, ашкерелик ийгиликке жеткен эмес жана ошол бойдон кала берет. Кудуреттүү жана Улуу Алла исламдын орточенемдүүлүк дини болуусун каалаган, себеби Ал адамды жараткан жана динди тутунууга милдеттендирген. Ал анын табиятын, кудуретин, эмнеге алсыз болуп жана эмнеге кудурети жетээрин жакшыраак билет.

Мисалы, мусулман бирөөгө жүк болгудай болуп жашоосун курууга, өз милдеттерин аткарууга жол бербегенчелик деңгээлде дүйнөдөн баш тарт-

пайт, ошол эле убакта дайыма дүнүйөсүн көбөйтүүнү каалап, ага өтө берилип кетпейт. Ал бул жашоого тең салмактуулук жана орточенемдүүлүк менен мамиле кылат.

Исламдын орточенемдүүлүктүн дини экендиги анын жашоонун бардык жааттарындагы ордун түшүндүрүүдө байкалат, себеби ал бардыгын өзүнө камтыган акыркы дин.

Ошол эле ортолукту, орточенемдүүлүктү жерди иштетүүдө, күнүмдүк ырыскыны издөөдө, сыйынууда, каражат сарптоодо, мамиледе, кийимде, жеке инсан менен жамааттын талаптарынын ортосундагы адилеттүү тең салмактуулукта, укук жана милдетте, ички дүйнө менен сырткы келбетте, акыл-эс жана жүрөктө ж.б.у.с. да көрөбүз.

51. ПАЙДАЛУУ ЖАНА ЗЫЯНДУУ НЕРСЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Кудуреттүү жана Улуу Алла жарым кылымдан бери ислам жаатындагы иш оптимисттик көз карашта болгондор күткөн деңгээлден да ашкан өнүгүүгө жетүүсүн каалады. Бул бизди сүйүндүрөт, себеби Кудуреттүү жана Улуу Алланын дини жайылып, жер үстүндө үстөмдүк кылууда. Ошондой эле бул нерсе коркунуч туудуруп жатат, себеби мусулмандардын көпчүлүгү шариат илимин, бийик адеп-ахлакка туура келген тарбияны, саясий аң-сезимдүүлүк менен алектенген эмес. Бул жагдай ою жаман акылдуу адамдардын аларды бузуп, жаман иштерге чаташтыруусуна мүмкүнчүлүк түзүп жатат. Мындай нерселер көп болуп келген жана учурда да улануууда.

Ошондуктан үгүт ишин алып баргандардын арасынан акылдуулары динге кирген топторго сыноо жүргүзүп, тарбиясына, аң-сезимине көңүл буруусу зарыл. Бул нерсе «бузукулукту кайтаруу пайда алып келүүдөн жогору коюлат» деген дин негиздери илиминдеги белгилүү эрежеде айтылгандай үгүт ишин алып барууга жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачуудан жогору болуусу керек.

52. АЛЛАНЫН МЫЙЗАМДАРЫ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

Чындыгында, Кудуреттүү жана Улуу Алланын мыйзамдары жеке инсанга, адамдардын тобуна, же динге кастык кылбаган, үзгүлтүксүз улануучу адилеттүү мыйзамдар. Бул Анын адилеттүүлүгүнө жана кулдарына болгон мээримине далил. Бул мыйзамдар алдында бардык адамдар тең. Кимде-ким аларга ылайык иш кылган болсо, анын ким болгонуна карабастан ийгиликке жетет, ал эми кимде-ким аларга ылайык иш кылбаган болсо, анын ким болгонуна карабастан өкүнүчкө дуушар болот. Бул Куду-

реттүү жана Улуу Алланын бир мусулманга же алардын тобуна мусулман болгондугу үчүн гана бекер жеңиш тартуулабайт дегенди түшүндүрөт. Демек, аракет кылуу зарыл.

53. БАРА-БАРА ӨНҮГҮҮ ТҮШҮНҮГҮ

Биз бир жерден бир жерге ашыгып секирген өнүгүү эмес, бара-бара өнүгүүгө, зордук-зомбулук менен эмес, табигый жол менен алдыга жылуу, толкунданууга эмес, даанышмандыкка таянган, шашкалактык эмес, сабырдуулук менен өзгөчөлөнгөн, уланбай турган шашылыш эмес, үзгүлтүксүз шашпай аткарылган иш түшүнүктөрүн тереңдетүүгө чакырабыз. Ыйык хадисте мындай деп айтылган: «(Кербенден) артта калган (төөсүн) канча чапса да тийиштүү аралыкты өтө албайт». (аль- Баззар, аль-Хаким) Башка бир хадисте: «Алла жакшы көргөн иш – аз болсо да, үзгүлтүксүз уланып турганы». (Бухари) Үчүнчү бир хадисте: «Динге ким каршы турбасын, ал (дин) аны жеңет». (Бухари) Мына ушул жерде мындай баалуу сөздү эскере кетишибиз зарыл: «Убакыт - дарылоонун бир бөлүгү».

54. ЭТАПТУУЛУК ТҮШҮНҮГҮ

Биз этаптуулуктун, мындайча айтканда биринчи максаттын ишке ашышы экинчи максаттын аткарылышына өбөлгө түзүп, экинчиси биринчиге таянып, ушул өңдүү негизги максатка кызмат кылуусун ишке ашыруу үчүн максаттарды деңгээлдерге, даражаларга бөлүү туура экендигине ишенебиз.

Ошондой эле ал максаттардын ичинен биз аткара алган жана шарттарыбызга туура келгенин кабыл алуубуз зарыл. Үгүт ишин алып барууда туура болгондугуна, кээ бир учурда милдет болгондугуна карабастан, кудурети жетпеген иш тууралуу үн чыгарбоосу кажет. Бирок эки учурда тең аны аткарууну каалабастыгын жарыялоого уруксат берилбейт.

55. ТАНДОО ТҮШҮНҮГҮ

Исламга чакыруу баарыбыздын милдетибиз. Бул милдет шариат илимин алгандардын жоопкерчилиги, башкалардын жоопкерчилигине караганда чоңураак болгону менен алар менен чектелбейт. Ошондой эле ислам коркокту да, эр жүрөктү да, сараңды да, жоомартты да, акылсызды да, акылдууну да ж.б.лардын бардыгын камтый турганын эстен чыгарбашыбыз зарыл. Бирок үгүт иши анын улуктугуна, маанилүүлүгүнө байланыштуу

адамдардын ичинен жоомарттуулук, ак ниеттүүлүк, эр жүрөктүк, сабырдуулук, чечкиндүүлүк, кайраттуулук, адилеттүүлүк, өзгөнү өзүнөн артык көрүү сапаттарына ээ болгондорго муктаж. Демек, биз мына ушундай сапаттардын ээлерин бул жаатта иштөөгө чакырып жана аларды эл алдына чыгарууга басым жасашыбыз керек. Алар жакшы мезгилде бул иштин кооздугу, кыйынчылык мезгилде жардамчы курал. Үгүт иши аларга окшогондор менен кармалып турат.

Бул алар кемчиликтен таза дегендик эмес, ар бир адамда канчалык бир деңгээлде кемчилик бар, бирок бул алар жалпысынан алганда жакшы адамдар дегенди түшүндүрөт. Эгерде алар ката кетиришкен болсо, кайрадан туура нерсеге кайтышат, жеке кызыкчылыктан баш тартып, жалпынын кызыкчылыгын, сырткы көрүнүштөн ички дүйнөнү, акыйкатты артык көрүп, кандай коркунуч туулбасын принциптерге бекем турат. Алар Кудуреттүү жана Улуу Алланын алдына барганча ушундай абалда болушат.

Үгүт ишинде мындай адамдардын санынын көбөйүшү, аларга карамакаршы келгендердин саны азайышы, иштин ийгилигинин белгиси, ал эми анын тескерисинче болушу анын ийгиликсиз экендигинин белгиси.

Алланын элчиси (ага Алланын салават-саламы болсун) Меккедеги үгүт ишинин алсыз кезинде Алладан исламды эки Умардын бири менен күчтөндүрүшүн дуба кылып сураган, себеби алардын ички сапаттарын билген. Бул дуба менен тайманбас сахаба Умар бин аль-Хаттаб утушка жетип, исламды жеңишке жетишине белгилүү кызматты өтөгөн. Ошондуктан үгүт ишинде биринчи деңгээлде коомдун ичинен мына ошол жакшы сапат ээлерин тандоого басым жасалышы керек, ошол эле учурда коомдун бардык мүчөлөрүнө колдоо көргөзүлүүсү зарыл. Пайгамбар (ага Алланын салават-саламы болсун): «Адамдар алтын жана күмүш кендери (сымал), жахилий доорунда эң жакшы болгондору, (дин негиздерин) түшүнгөн болсо, исламда да эң жакшылары болуп (кала берет)» (Муслим).

56. КОЗГОЛОҢДОРГО ТАТЫКТУУ МАМИЛЕ КЫЛУУ ТҮШҮНҮГҮ

Мезгил-мезгили менен мусулмандардын алдында Кудуреттүү жана Улуу Алланын даражасына шек келтирген сөздөрдү сүйлөө, пайгамбарды (ага Алланын салават-саламы болсун) кемсинтүү, мусулман топторуна кол салуу, мусулмандардын ыйык деп санаган нерселерин тебелеп тепсөө, мусулман коомчулугу үчүн маанилүү болгон түркүктөрүн шылдыңдоо ж.б.у.с. ар түрдүү козголоңдор, көйгөйлөр чыгып турат.

Анын түпкү себептери ар түрдүү. Мисалы, жек көрүү сезими, душмандык, билимсиздик, белгилүү болууну каалоо, мусулман коомчулугунан чыккан чын ыкластуу адамдардын аракеттерин жок кылуу, алардын аракетине муктаж болгон жааттан башка жакка кетирүү.

Үгүт иши менен алектенген адам бул көйгөйлөрдү айырмалай билүүгө, анын себептерине, пайдаларына, жыйынтыктарына жараша туура мамиле кылууга жөндөмдүү болуп, кээ бирин унчукпастан кабыл алып, кээ биринин атын эскербестен, анын бетин ача тургандай жооп кайтарып, дагы биринин атын атап ага ачык каршы туруусу керек. Каршы турган учурда үгүт ишин алып барган адам өтө тактык менен алдын- ала карап, чектен ашпоосу зарыл, себеби чектен ашкан болсо, болгон аракетин пайдасыз коротуп, ал-күчүн кетирип, негизги максатынан алыстап, жөндөмүн жоготуп, душмандары каалаган нерсеге дуушар болот. Душмандары анын абалына кубанышып, алардын оюну өзүлөрү каалагандай улануусу үчүн жаңы көйгөйлөрдү пайда кылышат.

АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ:

ИШ АЛЫП БАРУУ ЫКМАЛАРЫНА БАЙЛАНЫШТУУ КӨЙГӨЙЛӨР

57. ИСЛАМ ЖАНА ҮГҮТ ИШИ

Ислам дини менен үгүт ишин ажырата билүүбүз зарыл, себеби ислам Алланын туура жана түбөлүктүү дини, ал толугу менен акыйкат дини болуп эч жагынан жалган келиши мүмкүн эмес, ал эми үгүт иши өзүнө туура жана туура эмес болушу мүмкүн болгон адам баласынын аракети.

Чындыгында, Кудуреттүү жана Улуу Алланын дини - ыйык дин, бирок ал үчүн болгон иш-аракеттер ыйык эмес. Демек, исламдын ыйыктыгы дин жолундагы болгон ишке таасир этип ыйыктык бербейт, ошондой эле дин жолундагы иште болгон каталар, исламга таасир этип, аны кемчиликтүү кылып койбойт.

58. ЭҢ ТУУРА ЖОЛ

Эң алды исламдын негиздерин жана жолдорун түшүнүктүү кылып, билгичтик жана тактык менен тааныштыруу үгүт ишиндеги эң туура ыкма. Бул маалыматтарды кабыл алып жаткан адамдын акылына сиңип, сезимдерине таасир этишине ылайыктуурак болот. Ошондуктан күмөндүү маселелерден баштап аларга жооп издөөдөн, топтордун, түрдүү көз караштардын, окумуштуулардын аракеттеринин артыкчылыктары жана кемчиликтери тууралуу сөз кылуудан алыс болуубуз зарыл. Эгерде мындай нерселерге муктаждык келип чыккан болсо, анда жооп мүмкүн болушунча кыска болуп, колдонулган ыкманын негизине зыян келтирбөөсү керек.

59. КӨПЧҮЛҮКТҮ ҮГҮТТӨӨ ИШИ

Көпчүлүктү үгүттөөдө жалпы мусулмандар тарабынан кабыл алынган диндин негиздери тууралуу сөз кылып, чанда кездешүүчү маалыматтардан, алыскы маанилерден, көптөгөн варианттарды келтирүүдөн, мүмкүн болгон жана мүмкүн эмес божомолдоолордон, ошондой эле окумуштуулар арасындагы карама-каршылыктардан алыс болуу зарыл. Алардын өзүнө ылайыктуу орду, муктаждыкка ылайык так эрежелердин негизинде аны талкуулоого кудурети жеткен адамдар бар. Ал эми көпчүлүк эл жана өспүрүмдөр, аларга пайда алып келе турган иш жүзүндө аткарылчу нерселер менен алектенүүсү зарыл.

60. КУРАНДАН АЛЫНГАН НЕГИЗДЕР – БИЗ ТАЯНУУЧУ БУЛАК

Мусулман коомчулугу үчүн Курандан алынган негиздер эң бийик жана жалгыз таянуучу булак. Бул эч кандай күмөн санооого мүмкүн болбогон, туруктуу нерселерден болушу керек. Мусулмандар мусулман эмес коомдордон пайдалуу нерселерди алышы зарыл, бирок ишеничтүү окумуштуулардын макулдугу болушу шарт. Шариатка байланыштуу көрсөтмөлөр уюштурууга байланыштуу көрсөтмөлөрдөн жогору турушу керек, себеби биринчиси бул негизги, ал эми экинчиси экинчи даражадагы нерсе. Ошондой эле, уюштурууга байланыштуу көрсөтмөлөр курал болуп кызмат кылат, ал эми шариатка байланыштуу көрсөтмөлөр максат болуп, аларга кызмат кылууну талап кылат.

61. УЛАНТУУ

Үгүт ишин мурункалардын тажрыйбасына негиздөөгө чакырабыз, демек, уюм болобу же борбор болобу, мектеп болобу же жеке үгүттөөчү болобу ишин жок нерседен баштабайт. Ал Алланын динине кызмат кылган биринчи эмес, ошол эле убакта бул ыйык максатка кызмат кылган акыркы дагы адам эмес.

62. ТҮШҮНҮКТҮҮ КИТЕПТЕР

Үгүт ишине арналган китептерибиз түшүнүктүү, иреттүү, өтө тактык менен жазылган болуп, бир мааниге ээ болушу зарыл. Жазган адамдан окурманга багытталып, экөөндө тең бирдей түшүнүк жаралуу кажет. Бул нерседе эки өтө маанилүү пайда бар. Биринчиси, үгүт иши менен алектенгендерде ой жүгүртүүнүн жана жашоодогу жүрүм-турумдун бир болушу, экинчиси, алардын катарындагылар, өзгөчө өспүрүмдөр, арасында чочулоо жана тынчсызданууну жоюп, бири-бирине карама- каршы келген аракеттерге, ашкереликке же шалаакылыкка, түрдүү козголоңдорго, бөлүнүүлөргө жол бере турган туруктуу эмес, түшүнүксүз сөздөргө жол бере турган туура эмес түшүндүрмөлөргө тыюу салат.Биз өзүбүзгө тиешелүү терминдер болушуна аракет кылышыбыз зарыл.

ТАК ТЕРМИНДЕР

Алар мүмкүн болушунча Курандан алынган болушу керек. Ошондой эле бул терминдер так, түшүнүктүү жана өз алдынчалыкка ээ болгон терминдер болуп, аларды даанышмандык менен өзгөчө көңүл буруп тандап, со-

циализмди жолдогондор көп болсо ислам социалисттик деп, капитализмди жолдогондор көп болсо капиталисттик деп, демократияны жолдогондор көп болсо демократиялык деп ж.б.у.с. мезгил-мезгили менен пайда болгон агымдардын аркасынан түшүүдөн алыс болуусу зарыл.

Ислам - өз критерийлери, туруктуу негиздери, маанилери бар дин. Анын кээ бир принциптери башка идеяларга окшош болушу, ислам өзүнө бардыгын камтыгандыгына байланыштуу, бирок бул окшоштук бизге исламды бул же тигил идея менен сыпаттоого уруксат бербейт, себеби ал – негиз, ал эми андан башканын бардыгы ошол негиздин бөлүгү, ал туруктуу, өзгөрүүгө дуушар болбойт, ал эми башкасы өзгөрүүчү, ал – толук бойдон акыйкат, ал эми башкасы, ага салыштырмалуу, андагы акыйкаттын үлүшү биринен экинчисине карай айырмаланып келет.

Демек, бул нерсе бизди мезгил-мезгили менен пайда болгон терминдерге сак мамиле жасообуз керек экендигине чакырат, анткени алар сыртынан жакшы көрүнгөнү менен түпкүрүндө адашуу болуп, кээ бир үгүт ишин алып баргандар билбегендиктен, же болбосо башкаларга жардам көрсөтүүнү көздөп алданып калышы мүмкүн.

63. КООПТУУ НЕРСЕЛЕРДИ СЕЗҮҮНҮ КҮЧӨТҮҮ

Мусулмандар башынан эле душмандар тарабынан жасалган коркунучтарга дуушар болуп келген, себеби ал ыйык милдетти аткара турган жана үгүт ишин алып бара турган коом. Ошондуктан алар ошол абалда кала беришет, себеби душмандардын көпчүлүгү акыйкатты жек көрүшөт. Демек, биз балдарыбызда ушул коркунучтарды сезе билүү жөндөмүн өстүрүүбүз зарыл. Бул нерсе бири-бирибизге жакын болууга, келишпестиктерди колдобоого чакырат. Ошондой эле бул кооптуу нерселер жалпыга коркунуч туудуруп, алардын бардыгына каршы багытталат, ал эми аларды билбөө алар туудурган коркунучтун зыяндуу таасирин күчөтөт. Кооптуу нерселер эки түрдүү: тыштан келген коркунучтар жана коомдун өзүнөн чыккан ички коркунучтар. Ички коркунучтардын тышкыга караганда зыяндуураак болорун мезгил өзү ырастады.

64. ЧЫН ЫКЛАСТУУЛУК ЖАНА ТУУРА ИШ

Исламда чын ыкластуулук жогору бааланат, себеби ал жасалган иштин руху жана анын кабыл алынышынын шарты. Чын ыкластуулук менен жасалбаган иштин пайдасыз кете тургандыгы күмөнсүз, бирок жалгыз анын болушу жетиштүү эмес. Кандайдыр бир иште чын ыкластуулук болуп, бирок ал туура эмес болушу мүмкүн. Демек, чын ыкластуулукка чакыруу иштин туура болушуна (шариатка туура келишине) чакыруу менен бирге

келиши зарыл, анткени экөө биргеликте ийгилик жолун түзөт.

Ошондой эле үгүт ишин алып баргандар жасалган иштин шариатка туура келишинин баалуулугун билип, чын ыкластуулукка чакыргандай эле даражада иштин туура болушуна чакыруулары зарыл. Бул нерсенин эки маанилүү себеби бар. Биринчиси, жасала турган иштин туура болушунун баалуулугу жана анын ийгиликтин эгизи сымал андан айрылбастыгы, ага жетүүнүн сөзсүз аткарыла турган шарты жана анын жарымы экендиги. Экинчиси, ислам жаатында иш алып баргандардын көпчүлүгүндө жөнөкөйлүк жана жаман ойлобогондук кең жайылып, алар алданып, азгырылып, адашып келишкен жана мындай абал улана берет.

Кээ бир учурларда үгүт ишин алып барууга ылайыктуу чөйрө болгонуна карабастан, аракеттерин туура эмес чөйрөдө кетирип келишкен, ал эми башка мезгилдерде зарылчылыгы жок иштерди жасап келишкен, кээ бирде күч-аракеттерин, курмандыктарын туура эмес жерде кылышып, өзүлөрү алгачкы курмандык болгон өзгөрүүлөрдүн баштоочулары болуп, ал өзгөрүүлөр алып келген жаңы абал мурункусуна караганда бир топ кыйынчылыктарды туудурган.

65. ТУУРА ӨЛЧӨМДӨГҮ ЭР ЖҮРӨКТҮҮЛҮК

Эр жүрөктүүлүк жакшы сапат, себеби ал чечкиндүүлүк, натыйжалуулук, демилгелүүлүк, аракеттенүү, атаандашуу, башканы өзүңдөн артык көрүү, жаңы нерселерди ойлоп табуу ж.б.у.с. үгүт ишин алдыга түрткөн жакшы сапаттардын пайда болушуна шарт түзөт. Иштин алдыга жылышы бул сапаттардын өлчөмүнө байланыштуу, ал эми бул өлчөмдүн аз болушу иштин да мөмөлүү болушуна тоскоолдук түзөт. Ошондуктан үгүт ишин алып баргандар эр жүрөктүүлүктүн бар болушуна аракет жасап туура кылып келишет.

Бирок бул маселеге байланыштуу эки маанилүү нерсени эске алуу зарыл. Биринчиси, эр жүрөктүүлүктүн өлчөмү, доктур оорулуу адамга дары жазган сымал, өтө кылдаттык менен каралып, кем же ашыкча болбогудай туура такталышы керек. Себеби, ал өлчөмдүн ашыкча болушу, өзгөчө жаштардын арасында, ачууга тез алдыртып, эр жүрөктүүлүктү терс жагынан көрсөтүп коюшу мүмкүн.

Экинчиси, даанышман үгүттөөчү өзүнүн жанындагылары эр жүрөктүгүн туура жакка колдонуусу үчүн керектүү иштерди жасап, анын натыйжасында алар колунан келген нерселерин кылгандыгы үчүн өзүлөрүн пайдалуу сезишет. Ошону менен биргеликте пайда алып келсе, ичинен кыйнаган өзүн-өзү жемелөөдөн кутулушуп, кубаныч сезимине бөлөнүшүп, тынчтанышат да, эл да алардын ишинен пайда алып бактылуу болот.

66. АЛДЫГА УМТУЛУУГА ӨБӨЛГӨ ТҮЗГӨН ЭР ЖҮРӨКТҮК

Эр жүрөктүк үгүт ишин алып баргандарга зарыл болгон маанилүү сыпат, анткени ал үгүт ишин жүргүзүүдөгү эң маанилүү курал. Демек, үгүт иши эр жүрөктүк менен өзгөчөлөнгөн болсо, ал сөзсүз түрдө анын ийгиликке жетишинин себеби болот, ал эми бул сапаттын жоктугу, иштин ийгиликсиз болушунун себеби. Бирок эр жүрөктүк алдыга умтулуу, ошол эле учурда даанышмандык менен өзгөчөлөнүшү үчүн, терең ой жүгүртүү, шашкалактыкка алдырбоо, абалды терең изилдөө талап кылынат. Мындай өзгөчөлүктөргө ээ болбогон эр жүрөктүк акылсыздыкка жатат.

67. АРТКА ЧЕГИНҮҮГӨ ӨБӨЛГӨ ТҮЗГӨН ЭР ЖҮРӨКТҮҮЛҮК

Өзүнө ылайык болгон учурда алдыга карай умтулуу милдеттүү болгон сыяктуу, артка чегинүүгө өбөлгө түзгөн эр жүрөктүк да талапка ылайык милдеттүү болот. Эки учурда тең чечим чыгаруу укугу өзү таянган илимий булакка байланыштуу. Эр жүрөктүк эки абалда тең мактоого арзыйт, бирок артка чегинүүгө өбөлгө түзгөн эр жүрөктүк алдыга карай умтулууга өбөлгө түзгөн эр жүрөктүккө караганда маанилүү, себеби алдыга умтулган адам элдин сүймөнчүлүгүнө, даңкка ээ болот, ал эми артка чегинген адам эл тарабынан кысымга алынып, балким сөгүш угуп, күнөөгө дуушар болот. Бирок анын алыскы келечекти көрө билүүсү алардын тайманбастыгына жана жаштыгына көңүл бурбоого таасир этет.

Атактуу сахаба Халид бин аль-Валид (Алла андан ыраазы болсун) Мута согушунда артка чегинүүгө өбөлгө түзгөн эр жүрөктүктү тандаган, себеби ал алдыга карай жылуу аскерлерди өлүмгө дуушар кылуу экендигин көргөн. Ал артка чегинип, кайрадан Медина шаарына кайткан. Халид өз эр жүрөктүгү жана бул иштеги тажрыйбалуулугу менен белгилүү болгон. Бул окуя болгондо, Мединанын жаш балдары согуштан чегинип кайткандарды «качкындар» деп сыпатташкан, бирок Алланын элчиси (ага Алланын салават-саламы болсун) аларды мактап жана эр жүрөктөр деп сыпаттаган.

Ошондуктан бул жерде артка чегинүүгө өбөлгө түзгөн эр жүрөктүк туура болгон жана Халид аны тандаган, ал эми алдыга умтулууга өбөлгө түзгөн эр жүрөктүк ылайык болбогондугунан, андан аскер башчы баш тарткан.

68. ТАЛАП КЫЛЫНГАН ТОКТООЛУК

Биз ачууланууудан даанышмандыкка, толкунданууудан сабырдуулукка, жашоо маселелерине жасалган шалаакылыктан аларды чече билүүгө, аны өнүктүрүүгө катышуу жөндөмүн өздөштүрүүгө чакырабыз.

69. АТАЛЫШТАРДЫН ЭМЕС, АТАЛГАН НЕРСЕЛЕРДИН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

Кандайдыр бир аталышты өзгөртүү зарылчылыгы келип чыкса, анда үгүт ишин алып баргандар жаңы аталыштын аталган нерсенин акыйкаттагы маанисинен эч алыстатпоого аракет кылуулары керек.

Ислам жаңы тарай баштаганда «Таглуб» уруусу ислам өкүмүн кабыл алган. Бул уруунун өкүлдөрү христиандар болгон. Бирок алар «жизья» (жан башынан алынуучу салык) төлөөнү жактырбай, аны садака катары төлөөлөрү тууралуу айтышкан, себеби биринчи аталышты кемсинтүү катары кабыл алышкан. Ошондо мусулмандардын улуу калыйпасы Умар бин аль-Хаттаб бул талапка макул болгон, анткени бул уруунун эли маанисин кабыл кылып, бирок аталышты жактырышкан эмес. Бул Умардын даанышмандыгынын белгиси.

70. БИЗДИН КООМДОР - МУСУЛМАН КООМДОР

Биздин коомдор «жахилий» (ислам дини чыга электеги мезгилдин аталышы, караңгылык доор) эмес мусулман коомдор. Коомдогу болгон кемчиликтер, же шариат өкүмдөрүнүн жашоодо толук колдонулбашы, же динге кирген жаңылыктар, же адашуулар аларды «жахилий» коомдору деп сыпаттоого уруксат бербейт. Андагы болгон нерселерди «жахилийге» тиешелүү деп сыпаттоо мүмкүн, бирок алар ал толук бойдон жахилийдикке жатпайт.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салават-саламы болсун) Абу Зарр Билялды (Алла ал экөөнөн ыраазы болсун) «Эй, кара аялдын баласы», - деп ачуусуна тийгенде, анда «жахилий» мезгилине тиешелүү нерсе бар деп сыпаттаган. Пайгамбардын (ага Алланын салават-саламы болсун) жогорку адеп-ахлагынын жана тактыгынын белгиси Абу Заррга «Сен – жахилсиң», - деп айтпаганы. Бирок ал (ага Алланын салават-саламы болсун) андагы «жахилий» дооруна тиешелүү нерсе бар экендигин түшүндүргөн сөздү тандаган. Абу Зарр ал сөздү түшүнүп, өзүндөгү кемчиликтен дароо арылып, Билялдан кечирим сураган. Демек, андагы «жахилий» доорунан калган нерсе Абу Заррды исламдан чыгарган эмес.

Бүгүнкү күндөгү биздин коомубуздун абалы да ошондой, андагы «жахилий» дооруна тиешелүү деп сыпаттоого туура келген нерселер бар. Алардын тиешелүүлүк даражасы жана түрү абалга, мезгилге жана аймакка карай өзгөрүп турат. Бирок ага карабастан ал коомдор мусулман бойдон кала берет. Ошондуктан үгүт ишин алып баргандар аларды түшүндүрүүсү, аны жасаштан алдын алуусу, жана андан алыстабаса исламынын толук болбошу тууралуу ачык айтуулары зарыл.

71. ИСЛАМДЫ ЖАҢЫ КАБЫЛ АЛГАНДАР

Исламды жаңы кабыл алган ар бир адамга сүйүнүү мусулмандын табиятына тиешелүү, бирок кээ бир учурларда бул сүйүнүч өз чегинен ашып, алдын алууга мүмкүн болгон каталарга дуушар болуп жатабыз. Өзүбүздүн жана исламды жаңы кабыл алган адамдын кызыкчылыгын ишке ашыруу үчүн, ката кетирүүнү алдын алуу үчүн исламды жаңы кабыл алган адамдын чыныгы ниетине, аң-сезимине, анын чынчылдыгына, даанышмандыгына көзүбүз жеткен соң, ислам динин чын ниет менен, туура түшүнүп, жүрүм-турумунда чагылдыруу үчүн терең билүүсүнө туура жардам беребиз. Ошондо ал акырындап өнүгүп, табигый калыбында калат. Ал эми исламды жаңы кабыл алган адамга болгон сүйүнүчүбүз материалдык жана мамилелик жактан чектен аша турган болсо, аны материалдык кызыкчылыкты көздөгөн адамга айландырып коебуз. Балким, ал өзүн бизден эмес, биз андан билим ала турган мугалим сезген, текеберге айлантып алышыбыз мүмкүн.

72. ЖЕҢИШТЕР ЖАНА ЖЕҢИЛҮҮЛӨР

Ислам тарыхында сыймыктанууга татыктуу көптөгөн жакшы нерселер бар, ошондой эле ислам жаатында жасалган иштерде да сыймыктанууга арзыган жакшы нерселер бар. Ошол жакшы нерселер келечекте кайрадан ошол иштерди аткарууга аракеттенүүгө түрткү болсо, алар пайдалуу күчкө айланат. Ал эми сыймыктануу менен гана чектелип, аракет кылууга түрткү болбосо, демек, алар зыяндуу күчкө айланат. Бул нерсени ислам тарыхында дагы, ислам жаатында жасалган иштердеги дагы каталар тууралуу айта кетсек болот. Бул кемчиликтерден сабак ала турган болсок, пайдалуу күчкө айланып, өнүктүрүүгө кудуреттүү абалда келечекке умтулабыз, ошондой эле кетирген каталар кайгы, бири-бирибизди жемелөө, өзүн-өзү кыйноо менен чектелген болсо, анда зыяндуу күчкө айланат.

73. КОЗГОЛОҢДОР ЖАНА СОГУШТАР ТУУРАЛУУ ХАДИСТЕРГЕ БОЛГОН МАМИЛЕБИЗ

Ислам Алла тарабынан сакталган жана колдоого алынган дин. Душмандар канчалык каалабасын келечек исламдыкы. Бул тууралуу Куран аяттары, хадистер, учурдагы окуялар, келечек жышаандары маалым кылат.

Үгүт ишин алып баргандар бул нерсеге толугу менен ишенүүсү зарыл, себеби, биринчиден, бул чындык, андан соң бул ишенич аракеттенүүгө жана жардамчыларды табууга өбөлгө түзөт.

Бул жерде айта кетчү нерсе козголоңдор жана согуштар тууралуу хадистердин көпчүлүгү күчсүз хадистер, ал эми мусулман коомчулугунун абалы дайыма начарлай бериши тууралуу туура хадистер аймактык, же мезгилдик, же жеке инсанга байланыштуу өзгөчөлүгү болуп, бул нерсе анын туура болгондугуна болгон терең ишенимге жол бербейт, ал эми анын маанисин жалпылоо чоң ката, себеби бул жеңишти убада кылган ачык айтылган күчтүү шариат далилдерине, Кудуреттүү жана Улуу Алланын бул дүйнөдөгү мыйзамына, мурунку жана учурдагы тарыхый окуяларга, ошондой эле Анын адилеттүүлүгүнө каршы келет.

Мусулмандарды эч күмөнсүз жеңилүүгө учуроосун сезген абалдарында дининин жеңишке жетүүсүнө аракет кылууга милдеттендирип жана аны убада кылышынан Алла сактасын. Бөлүкчөлөрдү бүтүндүктүн негизинде, божомолдорду шексиз болгон түшүнүктөрдүн негизинде түшүнүү керек экендигин билсек, козголоңдор тууралуу хадистерди өз ордуна коюп, ислам Алла тарабынан колдоого алынган дин экендигине болгон терең ишенимибизде калабыз.

74. КЕЛЕЧЕК ИСЛАМДЫКЫ

Ислам колдоого алынган жана жеңишке жете турган дин, себеби ал Кудуреттүү жана Улуу Алланын адамзатына жиберген акыркы дини жана анын бардык диндерге үстөмдүк кылаары убада кылынган.

Мусулман коомчулугу мезгил-мезгили менен кыйын учурларды башынан өткөрөөрү чындык, бирок ал өзүнүн алдыга карай умтулткан ишеними, кенен жерлери, ээлеген стратегиялык орду, көптөгөн түрдүү байлыктары, элинин санынын үзгүлтүксүз өсүшү анын алсыздыгын дайым жеңип келет жана жер жүзүндө үстөмдүк кылууга кайтат. Анын узун тарыхы бул нерсеге жакшы далил болуп келет. Эгерде анын башынан өткөргөн чоң кыйынчылыктарга башка коом дуушар болгонунда, ал сөзсүз толугу менен жок болмок.

Үгүт ишин алып баргандар бул нерсени дайыма эскертип туруулары зарыл, себеби ал үмүт берип, аракеттенүүгө чакырат. Бул нерсе менен бирге керектүү аракеттерди жумшап, ийгиликке жетүүгө себеп боло турган

иштерди аткаруу зарыл, анткени Кудуреттүү жана Улуу Алланын аракет кылбаган адамдарга бекер жеңишти бербей турган шексиз мыйзамдары бар.

ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ:

МАКСАТТАР ЖАНА КОЛДОНУЛГАН КУРАЛДАР

75. МАКСАТТАР ЖАНА КОЛДОНУЛГАН КУРАЛДАР

Негизги максаттар туруктуу, негизги эместери мезгил-мезгили менен алмашып турат, ал эми колдонулган куралдар заман талабына ылайык өнүккөн, ийкемдүү, жаңыланып туруусу зарыл. Алар үзгүлтүксүз түрдө алмаштырылып, түрлөнүп, өнүктүрүлүп, мусулман жана мусулман эместердин тажрыйбаларынан алынып турушу керек, себеби даанышмандык мусулманга тиешелүү сапат. Үгүт ишин алып барууда колдонулган бардык куралдарды эки эреженин негизинде тандайбыз. Биринчиси, ал куралдын пайда болушуна чейинки ага болгон чыныгы муктаждык, экинчиси, пайда болгонунан кийин кемчиликтеринен артыкчылыктарынын көбүрөөк болушу. Курал бул шарттарга жооп бербей турган болсо, аларды колдонууга алууга болбойт. Ошондой эле максаттар максат бойдон, ал эми куралдар курал бойдон калышына аракет кылуу керек. Максаттардын куралга, куралдардын максатка айланышы абдан коркунучтуу. Ушуга окшогон терс көрүнүш биздин тарыхыбызда жана маданиятыбызда орун алган.

76. АКЫЛДУУЛАРГА КӨҢҮЛ БӨЛҮҮ

Билим алып жаткандардын арасынан акылдуу жана таланттууларга басым жасоо туура экендигине ишенебиз, себеби алар өнүгүүнүн, жаңыланууунун, эскинин ордун баса турган жаңы нерселер жана келечекке байланышкан демилгелер тууралуу ой жүгүртүп ишке ашыра тургандар.

77. ДИАЛОГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН АДЕБИ

Диалог жүргүзүүнү жана анын адебин үйрөнүүгө чакырабыз, себеби диалог жүргүзүү ийгиликтүү үгүт ишинин эң маанилүү куралдарынан, ал эми диалогду ийгиликтүү жүргүзө алган адам ишин ийгиликтүү коргогон адвокат сымал, диалогду ийгиликтүү жүргүзө албаган адам ишин ийгиликтүү коргой албаган адвокат өндүү.

78. НАЧАРЫ МААНИЛҮҮРӨӨК БОЛГОН УЧУРДА

Элде мусулмандык укук илимине жана үгүт ишине байланыштуу тандай турган нерселердин саны көп. Алар шартка, абалга, түшүнүктөргө, илимий деңгээлдин өзгөрүшүнө жараша айырмаланып турат. Өзүнүкү эң туура жана эң жакшы деген ишенимде болгон учурда дагы, көз карашын жана тандоосун башка бирөөгө таңуулоо даанышмандыкка жатпайт. Туу-

ра нерсенин тегерегинде биригишибиз, андан тууралаак нерсенин тегерегинде болгон келишпестиктен жакшы, ошондой эле начардын тегерегинде бири-бирибизге жардамдашуу эң жакшынын тегерегинде касташуудан жакшы.

КЕРЕКТҮҮ ШАТТЫК

Шаттык өзүнүн уруксат берилген чегинде жаштар менен коомдун арасындагы мамилени кубаттай турган эң маанилүү нерселерден. Бул нерсе алардын өз коомуна пайда алып келүүгө көбүрөөк аракеттенүүсүнө, чын ыкластуулук сыпатына ээ болууга, анын негиздерин терең түшүнүүгө алып келет. Ошондуктан биз бул нерсеге айт, окуу жылынын башталышы жана аякташы өңдүү түрдүү майрамдарда ал жөнүндө сөз кылууга чакырабыз. Аны жайылтуу үчүн түрдүү иш-чаралар өткөрүлүп, диний маанидеги ырлар ырдалып, сынактар, спорттук мелдешүүлөр уюштурулуп, белектер жана сыйлыктар тартууланат.

79. ТАЛАШ-ТАРТЫШКА ЖОЛ ЖОК

Алла Таала айтты: «(Эй, Мухаммед,) Жаратканыңдын Жолу - динине данакерлик-даанышмандык жана көркөм насаат менен чакыргын! Алар (сени менен талашып-тартыша турган адамдар) менен эң көркөм жол менен далилдешип тартышкын» (Бал аары (Нахл): 125-аят). «(Эй, ыйман келтиргендер), силер Китеп ээлери менен жалаң эң көркөм жолунда талашып-тартышкыла, бирок алардын арасындагы зордук-зомбулук кылган кишилер менен гана (кескин мамиле кылышыңар мүмкүн)» (Жөргөмүш (Анкабут): 46-аят). Биз теориялык маселелерге, божомолдорго таянган талкууларга, чанда кездешүүчү ойлорго, мезгил талабына ылайык келбеген изилдөөлөргө, далилге таянбаган болжолдорго, пайдасыз талаш-тартыштарга жол бербөөгө чакырабыз, себеби ал убакыттын, күч-аракеттин, мал дүйнөнүн текке кетишине, чыныгы милдеттерибизден качууга, ошондой эле көпчүлүк учурда жактырбоо, бөлүнүү, ал эмес жек көрүүгө алып келет. Эгерде талкуу жүргүзүүгө зарылчылык болгон болсо, анда Ыйык Курандын көрсөтмөсүнө ылайык талкуу жүргүзүүбүз зарыл.

80. АРАБ ТИЛИНИН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

Араб тили илим-билимди сактоочу, ошондой эле ислам маданиятын сактаган эң биринчи курал. Ошол себептен жалпысынан алганда араб тили эне тили болуп эсептелген адам шариат булактарын араб тили эне тил болуп саналбаган адамга салыштырмалуу тууралаак түшүнгөн. Араб

тили башка тилдер сыяктуу эле өмүр сүрөт, бирок алардан Алла Таала тарабынан Өз Китебине тандап алгандыгы менен өзгөчөлөнөт. Алла Таала китебин кайсы мезгилде, кайсы жерде, кайсы тилде жиберерин жакшыраак билет. Ошондуктан араб тили ыйык хадистердин, ошондой эле ислам мурасынын көпчүлүк бөлүгүнүн тили болгон. Ислам тарыхына жүргүзүлгөн изилдөөлөр исламдын жайылышы араб тилинин жайылышы менен бирге жүргөндө, ислам саясий ордун жоготкон же болбосо анын алсыз учурунда да, динди туура түшүнүүгө жана анын сакталышына өбөлгө түзгөн. Мына ошол себептен өзгөчө араб тилдүү эмес мусулман өлкөлөрдө жана жалпысынан алганда дүйнөдө мүмкүн болушунча араб тилин жайылтуубуз зарыл.

81. КУРАЛ ЖАНА МАКСАТ БИРГЕЛИКТЕ

Ислам жаатындагы иштин түпкү максаты Кудуреттүү жана Улуу Алланын сөзүнүн үстөмдүгү жана адамзатты ага чакыруу. Бул максаттын улуулугуна жана ардактуулугуна жараша бир гана жакшы куралдарга муктаж. Бул бизди италиялык саясатчы Макиавеллинин «Максат колдонулган куралды актайт», - деген белгилүү сөзүнө сактык менен мамиле кылууга чакырат. Саясатчынын айткан сөзүнүн мааниси: «кээ бир учурда колдонулган жаман куралдарды максаттын ардактуулугу актайт». Бул нерсеге исламда толугу менен тыюу салынат. Сөз мусулмандар арасында кенен тарап, кээ бир адамдар тарабынан кабыл алынган. Бул толугу менен туура эмес. Ал эми андан коркунучтуусу кээ бир үгүт ишине тиешеси бар адамдардын кабыл алып, аны иш жүзүндө колдонушу. Анын натыйжасында бир же бир нече жаман жыйынтыктар орун алган. Үгүт ишин алып баргандар мындай нерсеге сөз жүзүндө да, иш жүзүндө да тыюу салып, аны иш жүзүндө колдонгондордон толугу менен кош айтышып, аларга окшогон адамдардын өз катарына киришине жол бербей турган керектүү чараларды көрүшү зарыл.

СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ:

ҮГҮТ ИШИНЕ БАЙЛАНЫШТУУ ЭСКЕРТҮҮЛӨР

82. КЫЗМАТ ЭМЕС, МИЛДЕТ

Үгүт иши милдеттен кызматка айлана турган болсо, ал эми мындай учурлар көп кездешет, анда тышкы келбет ички сезимдерге, аракетсиздик аракеттүүлүккө, өзүмчүлдүк башканы артык көрүүгө, жалган атак-даңкка ээ болгондор таза адамдарга, эки жүздүүлөр чынчылдарга үстөмдүк кылат. Булардын бардыгы үгүт ишинин милдеттен кызматка айланган учурдагы бул же тигил жаатта ар кандай деңгээлде кездешкен чоң жоготуулар. Ал мусулмандарды үгүт ишинен алыстатып, бул иштин душмандарына ага каршы күчтүү курал карматат.

83. БАШКАРУУ НЕГИЗДЕРИ

Бири витрина сыяктуу болуп өз милдетин формалдуу гана түрдө аткарган, ал эми экинчиси биринчи менен каалаганын кылган чыныгы ролду ойногон үгүт ишинин эки негизи болуусунан аб дан сактануу зарыл. Биринчинин тышкы келбетке гана ээ, ал эми чыныгы бийлик экинчинин колунда. Чечим чыгаруу жалгыз гана башкаруунун экинчисине таандык. Ал биринчиге буйрук берет, же болбосо аны өзү каалаган чечимди чыгаруусун мажбур кылган абалга коет. Чындыгында, бул жаман көрүнүш үгүт ишинин негиздерине, өзгөчө «кеңешүү» негизине ачык-айкын каршы келип, шариятка туура келбеген чечимдерди ага туура келгендей кылып көрсөтөт. Бул чыныгы диктаторлук. Бул жийиркеничтүү ыкманын максаты көмүскөдөгү башкаруунун формалдуу башкарууну шылдың кылып, ага текебердик менен мамиле кылышы, ал эми формалдуу башкаруунун көмүскөдөгү башкарууга жек көрүү жана ишенбөөчүлүк менен мамиле кылышы. Ошондой эле формалдуу башкаруу мындай учурда алсыз болуп, шериктештеринин арасында салмактуу орунга ээ болбойт. Бул нерсенин бардыгы душмандык жана жек көрүү сезимдерин пайда кылып, чоң жоготууларга алып келет. Ушуга окшогон башкаруунун эки түрүнө ээ болгон үгүт иши анын себебинен чоң жоготууларга дуушар болгон.

84. «ӨЗГӨРТҮҮНҮН» ЖАЛГАН УБАДАЛАРЫ

«Өзгөртүү» деген сөз андагы туура, же туура эмес нерселердин болушуна карабастан үгүт ишин алып баргандар арасында жана башка чөйрөлөрдө сүйүктүү ураандардан. Бул жерде белгилей кетчү нерсе, өзгөрүү сөзсүз түрдө эле жакшыга карай болбойт, балким жаңы нерсе жалпы коомго жана өзгөчө үгүт ишин алып баргандарга эскиден да көбүрөөк жаман болушу мүмкүн.

Акындардын бири айткандай:

Көп күндөрү кайгырып ыйлагамын,
Ал өтүп башкасы келгенде мен
Өткөн күндү сагынып боздогомун.

Ошондой эле атактуу сахаба Амр бин аль-Аас (Алла андан ыраазы болсун): «Адилетсиз башкаруучу көп мезгилге созулган козголоңдон жакшыраак»,- деп айткан. Чындыгында, ал адилетсиз башкаруучуну мактаган жок, бирок анын ордуна келе турган нерседен сак болууну туура көргөн.

85. РЕФОРМАТОРДУК РЕАКЦИЯ (ОҢДОП-ТҮЗӨӨНҮ КӨЗДӨГӨНДӨРДҮН РЕАКЦИЯСЫ)

Биз түшүнүктөгү же жүрүм-турумдагы катачылыктарды көргөндө, аларга талап кылынгандан ашыкча каршы туруп, күрөшүп, аша чаап же уруксат берилген кенен мүмкүнчүлүктү кээ бир реформаторлордун реакциясынан сактанабыз.

86. АКЫЛДЫН ПАЙДАСЫЗ МААЛЫМАТТАРГА БАЙ ТОЛУШУ

Ашкере байлык жашоонун бардык тараптарына зыян тийгизүүчү коркунучтуу мал-дүйнөгө тиешелүү зыяндуу нерсе, ошондуктан ислам ага каршы күрөшүп келген, жана анын кайсы бир коомдо тарашы ошол коомдун жок болушунун белгиси катары каралган. Мына ошол себептен үгүт ишин алып баргандар ашкере байлыкка каршы туруп күрөшүүлөрү керек.

Аны менен бирге ага каршы турууну талап кылган жана ашкере байлыктан коркунучтуураак ашкереликтин башка бир түрү бар. Ал үгүт ишин алып баргандардын кээ биринин же болбосо өзүлөрүн бул чөйрөдөнмүн деп санагандардын арасында орун алган акыл-эстин пайдасыз маалыматтарга бай болушу. Мисалга алсак, бул нерсени бүгүнкү күндө мусулман коомчулугу үчүн эч кандай коркунуч туудурбай, жок болуп кеткен агымдын артыкчылыктарын жана кемчиликтерин изилдөөгө киришкендерден байкайбыз. Ошондой эле окуган соң, кандай максатта жазылган экендигин биле албаган китептин толук бир бөлүмүн же толук бойдон бир китеп жазгандардан көрөбүз, оюн бекемдөөгө көмөк болбогон балким такыр эле туура эмес маалыматтарды чогулткандардан көрөбүз. Себеби ал окурманга өзгөчөлүгүн, маалыматтарынын кенендигин көрсөткүсү келип аны өзүнө тарткысы келет. Жеткиргиси келген оюнун түшүнүксүз болгонуна байла-

ныштуу, же аны кандайдыр бир себептен ачык айтууга эрки жетпеген чаташкан түшүнүксүз сөздөрдү жазган адамдан көрөбүз.

Бул мисалдар акыл-эстин пайдасыз ашыкча маалыматтарга бай болушунун бир түрү. Ал материалдык ашкере байлыка, андан дагы жаман эле болбосо, окшош. Ошондуктан чын ыкластуу туура иш алып барган үгүттөөчүлөр андан сактанышы зарыл, себеби ал убакытты, күч-аракетти, мал-дүйнөнү, пайдасыз жоготууга алып келип, чыныгы жоопкерчиликти аткаруудан качуу болуп саналат. Балким, бул же тигил тарап көздөгөн алаксытуу болуп, анын натыйжасында жакшы ниет болгон болсо өзгөрбөйт.

87. ФАНАТИЗМ ЖАНА КИМДИР БИРӨӨНҮН ТАРАБЫНА ӨТҮҮ

Үгүт ишин алып барган адамдын өзү тандаган куралды колдошу табигый нерсе, себеби ал аны өз ою боюнча башкалардан өзгөчөлөнткөн артыкчылыктары үчүн тандаган. Бирок ал куралынын кемчиликсиз деп санашы туура эмес, ошондой эле башкалардын куралдарына карай адилетсиз мамиле кылбоосу зарыл. Бул кандайдыр бир куралды колдоонун уруксат берилген, мактоого арзый турган жана милдеттүү жолу. Эгерде ал бул нерсеге каршы келе турган болсо, анда ислам тыюу салып, «жахилий» доорына тийиштүү деп сыпатталган айыптоого татыктуу фанатизмге жатат.

Бул жол кандайдыр бир нерсеге артыкчылык көрсөтүү шарты анын такыбалык менен мүнөздөлүп, шариатка туура келүүсү экендигин эстен чыгарбообузду талап кылат. Ушул нерседен регионго, партияга, урууга, топко колдоо өңдүү «жахилий» дооруна тиешелүү бардык нерселерден алыстоо зарылчылыгы келип чыгат.

88. СЫЙМЫКТАНУУ

Ыйман келтирген адамдын өзүн жалгандан жогору турам деп эсептөөсү мактоого арзый турган сыпаттардан, ал анын жүрөгүн жана аң-сезимин бекемдете турган Кудуреттүү жана Улуу Аллага тобокелдигин, өзү чакырган дининин тууралыгына болгон терең ишенимин билдирет.

Бирок ыйман келтирген адам өзүн жалгандан жогору турам деген сезими динге чакырылып жаткан адамдардан жогору турам деген сезимге айланганда чоң катачылык кеткен болот. Ал эми бул туура эмес сезим өзүнөзү алдоо болуп, андай ойдун ээси өзүн башкалардан жогору сезип, тазалыгы алардын бузукулугу менен, билими алардын билимсиздиги менен, бийик даражасы алардын пастыгы менен булганып калбас үчүн алардан обочолонуш зарыл экендигин туура көрөт. Эгерде абал ушундай деңгээлге

жеткен болсо, ал үгүт ишин жүргүзгөндөргө тиешесин жоготот да, тескерисинче, аларга жүк болуп калат.

Үгүт ишин алып барган адам өзүн динге чакырылгандардан эмес, жалгандан жогору сезиши керек. Мындан көрө аны аларга кызмат кылуу менен даражасын көтөргөн Кудуреттүү жана Улуу Аллага шүгүр келтирүүсү зарыл. Ал өз ыраазычылыгын аларды сүйүү, кемчиликтерине сабырдуулук кылуу, жашыруун жөндөмдөрүн өнүктүрүү аркылуу билдирет. Ошондо анын сыймыктануусу туура болуп, өзүн-өзү алдоодон кутулуп, жеке өз башы же партиясы менен сыймыктануу эмес, акыйкат жана принцип менен сыймыктануу болот.

89. ДИН ЭМЕС, КААДА-САЛТ

Кээ бир учурларда каада-салттардын кээ биринин аткарылышы чоң кыйынчылыкты туудурат, анткени алар динге тиешелүүдөй сезилет, бирок чындыгында алардын динге тиешеси жок. Биз муну жалпысынан кубанычтуу окуяларды майрамдоодо, кайгы күтүү жыйындарында, коомдук салтанаттарда, жана өзгөчө аялдарга болгон мамиледен байкасак болот. Ошондуктан каада-салтка тиешелүү нерсе менен динге тиешеси бар нерсени айырмалай билип, каада-салттын динге дал келиши же келбесине жараша кабыл алып же баш тартуубуз зарыл.

90. ЧЕГИНҮҮ, ӨЗҮН-ӨЗҮ ТАШТОО, АЛСЫЗДЫК

Үгүт ишин алып баргандардын ичинен мусулман коомчулугунун даңктуу тарыхын эскерүүгө качып, колунан келе турган нерселерди кылбастан, аны эскерүү, сыймыктануу, өзүнүн тиешелүү экендиги тууралуу сөз кылуу менен алектенгендери бар. Алардын ою боюнча бул иши менен алар өз кемчиликтеринен актанууда. Ошондуктан учурдагы абалды өзгөртүүгө жана келечекти курууга жардам бере турган аракеттерди жасабастан, өзүнүн тарыхын эскерүү менен калууда.

Аны менен бирге коомдун учурдагы кайгылуу абалы менен алек болгондор да бар. Алар да колунан келе тургандарын кылбастан, бул же тигил тарапты далили менен же далилсиз күнөөлөп, арыз-муң, жемелөө менен убакыт өткөрүшөт. Алар мындай иш менен өзүлөрүн жоопкерчиликтен кутулгандай сезишип, жашоодогу милдетин аткарбастан, башкалардан даражасын жогору коюп, жер үстүндөгү орун басарлык милдетин сезбестен, үмүтсүздүккө алдырышып, талаш- тартыш менен алектенүүдө.

Ошондой эле эч аракет кылбай туруп, коомдун абалын оңдой турган аалымды, же күтүлүп жаткан Махдини, же ийгиликке шыктандырган аскер башчыны, же кыйын абалдан куткара турган баатырды күтүп, келечекти

карап отургандар бар. Алар үзгүлтүксүз иштеген өзгөрүүгө дуушар болбогон Жараткандын адилеттүү мыйзамдарын эске албастан, анын келиши менен кыйынчылыктын бардыгынын чечилишин билдирет деп, натыйжада маданий аракети токтоп, жогорку жана негизги баалуулук болгон цивилизацияны куруу баалуулугун жоготууда. Бул үч топ акыйкатта өз кудурети жете турган жоопкерчиликтен качып, алсыздыгына себеп болгон түрдүү шылтоолорду ойлоп таап, өзүн-өзү алдоодо. Алар үгүт ишин алып барууда, ошондой эле жашоодо жүк болуп келишет.

Мусулман өз үгүт ишин, өз мезгилин өзгөчөлүктөрүн, колунан келе турганын билип, анын чоң же кичине болгонуна карабастан, чын ыкластуулук менен жогорку деңгээлде аткаруусу талап кылынат. Дарыя тамчылардан куралары сымал, кичине иштерден чоң иш куралат.

Кудуреттүү жана Улуу Алла пенделеринен чын ыкластуулукту жана ишке берилгендикти көрсө, ал ишти кабыл алып, көлөмүнүн кандай болгонуна карабастан, аны чоңойтуп, мусулман коомчулугун эң жакшы натыйжалар жана иштер менен жеңишке жеткирет.

91. ПАЙДАСЫЗ, ЖОГОТУУГА АЛЫП КЕЛҮҮЧҮ СӨЗДӨР

Кээ бир үгүт ишин алып баргандардын түрдүү жыйындарда чогулушуп, пайдалуу сөз деп атоого караганда, пайдасыз сөздөр деп атоого ылайыктуураак болгон нерселер менен алектенүүлөрү өзүн-өзү алдоо болуп саналат. Ал жыйындарда алар ар кандай маселелердин тегерегинде сүйлөшүп, бул же тигил адамды, же болбосо топту сындашып, кандайдыр бир маселенин тегерегинде ачуусун чыгарышып, башка бир маселеде ашкере үмүттөнүүгө берилишип, андан соң пайдалуу иш кылбастан туш-тушка тарап кетишет. Алар өзүлөрүн колунан келген нерсе менен динге жардам көрсөттүк, Алланын алдында өзүлөрүн актадык деп ойлошот, бирок чындыгында алар динге эч кандай пайда алып келишкен жок. Алар өзүлөрүн мезгил-мезгили менен бош убактарын өткөрүү жана сүйлөшүүгө болгон каалоолорун кандыруу үчүн пайдасыз сөздөр менен алдашты. Бул иштери динге кызмат кылуу каалоосунун жалган аракеттери. Алар менен өзүлөрүн, бири-бирин алдашып, аны менен биргеликте бири-бири менен жалган ыраазычылык сезимдери менен алмашышып, чыныгы милдеттеринен качып, өз алсыздыктарын, терс жактарын, пайдасыз сөздөрүн динге тиешелүү деп санашууда. Бирок ал кыпындай да диний деп аталууга татыктуу эмес.

92. ЧОҢ ЖӨНДӨМСҮЗДҮК

Мусулмандардын көпчүлүгүнүн иш-аракеттери үгүт ишин алып баргандар менен биргеликте диний жана дүйнөлүк иштериндеги чоң жөндөмсүздүк менен өзгөчөлөнөт. Бул нерсе Алла Таала аларга жол баштоочулук вазыйпасын берип, адамзатынын маданий өнүгүүсүнүн негиздөөчүлөрү кылып, алдыга умтулган туура ишеним, кенен байлыктар, маанилүү стратегиялык аймак, калктын санынын өсүшү өңдүү берген чоң жакшылыктарына туура келбейт. Ошондуктан акыл-эс ээлери мусулмандарды аракетсиздиктен аракеттүүлүккө, алсыздыктан ишти аткаруу жөндөмдүүлүгүнө алып барууга таасир этүү үчүн бул көйгөйдү изилдөөлөрү керек. Ал эми аракетчилдик, чыгармачылык, аткарылган ишти тууралоо, атаандаштык, ишти жогорку деңгээлде аткара билүү жөндөмү, бирдей мүмкүнчүлүктөр, уюмдук иш алып баруу, жакшы иш кылган адамды шыктандыруу, туура эмес иш кылган адамды жоопко тартуу, өз ишин жакшы көрүү ошол нерсеге жардам берет.

93. СЫРДУУЛУКТУН КОРКУНУЧ ТУУДУРГАН ЖАКТАРЫ

Ислам ой жүгүртүүсүндө жана ислам жаатындагы иште чечмелөө, сырдуулук маселелерине өтө сактык менен мамиле кылуу керек. Биз ислам динин түшүнүктүү кемчилиги жок дин экендигин, анын бардык негиздеринин, түшүнүктөрүнүн ачык-айкындык менен өзгөчөлөнүп, сырдуулук жок экендигин, аны менен бирге кошумчалоого да муктаж эмес экендигин ырастайбыз.

Ишенимдердин ачык, даана болгондугу ага күч-кубат берет, себеби адам сыймыктанган нерсесин ачык жарыялай алат, аны менен биргеликте адамдардын табияты түшүнүктүү, ачык-айкын, туура түшүнүктөрдү кабыл алып, ал эми түшүнүксүз, сырдуулукка ээ болгон түшүнүктөрдөн адамдын табияты качат.

Сырдуулуктун терс жактары душмандарга караганда өз ээлерине көбүрөөк зыян алып келет, ошондой эле ишенимдердин сырдуулугу аларды татаалдаштыртат, себеби күндүн караңгы бөлүгүндө нерселерди көрүү кыйынга турган сымал, алар да түшүнүксүз болот. Ал эми, тескерисинче, ачык-айкын нерсенин терс жактарын күндүн жарык бөлүгүндө байкоо өтө жеңил.

94. ИСЛАМГА КАРШЫ ЖҮРГҮЗҮЛГӨН КҮРӨШТҮ ЖАЛПЫЛАШТЫРУУ КОРКУНУЧТАРЫ

Исламга каршы жүргүзүлгөн күрөштү жалпылаштыруу коркунучунун терс жактары үгүт ишине тиешелүү адабияттарда кенен кулач жайган. Мусулман эмес күчтөрдүн исламга каршы гана күрөшүүдө биригиши, исламдын душмандарынын бардык нерсеге кудурети жеткендиги, ислам жаатындагы бардык расмий иштин андан сак болууга муктаж көз боёо, исламга каршы биригүү, анын ичине аралашуу, зыян алып келүү, ар бир ислам жаатындагы элдик иш толугу менен туура, бир топто мусулман коомунун абалын көрсөткөн сызыктын үзгүлтүксүз жогорулашы, ал эми башка бир топто анын үзгүлтүксүз төмөндөшү, бир топто бардык иште исламга каршы биригүүнүн бар экендиги, башка бир топто андай нерсенин толук бойдон жок экендиги тууралуу отчеттор бул нерсеге мисал болот. Бул ой жүгүртүүдө адилеттүүлүк, объективдүүлүк жок болуп, ал ашкере жөнөкөйлүк жана тайкы ой жүгүртүү болгондугу менен өзгөчөлөнөт. Ал даяр шашылыш кабыл алынган өкүмдөргө таянып, мындай ой жүгүрткөн адамдарды жаңы чечимдерди, эскинин ордун баса турган нерсени, демилгелерди издөө милдетинен куткарып, жалкоолукка берилишсе, же ийгиликке жетүү ишениминин жоготушса, өзүлөрүн акталууга татыктуу деп ойлошот, себеби алар өзүлөрүн каршы күрөшүүгө кудурети жетпей турган каардуу күчтөрдүн алдында тургандай көрүшөт, же болбосо ошондой сезилет, же өздөрүн ошондой абалда көрүүнү каалашат. Мындай ой жүгүртүү Алла Тааланын «бири- бирин кайтаруу» мыйзамына каршы келет. Мусулмандын милдети бул зыяндуу жалпылаштыруудан сактанышы, акылдын кудуретин иштетип, жүрөктү эрдикке толтуруп, иштерге жакшы анализ жүргүзө билип, ар нерсени өз ордуна кое билип, себептерди жана жыйынтыктарды түшүнүүгө, аракет кылуу, чечимдерди таап жана тандай билүү, ошондой эле чындыкка дал келбеген жаңылыш ойлордон болуп, тандала турган эки нерсенин сөзсүз бири-бирине карама-каршы келет деген түшүнүктө болбоого аракет кылуусу керек.

95. ИСЛАМГА ЗЫЯН КЕЛТИРҮҮ АРАКЕТТЕРИН ЖАСОО

Акыркы мезгилде исламга каршы биригүү тууралуу анын бардык жерде бар экендигине ишенгендер, анын жок экендигине ишенгендер жана бул тууралуу өз оюн билдирбегендер арасында бул маселенин тегерегинде талкуулар көп болгон.

Акыйкатта, бирөөгө каршы бир нече адамдын же өлкөлөрдүн биригип, ага зыян келтирүү аракеттерин жүргүзүү адамзат пайда болгондон бери болгон жана кала берет, бирок бардык нерседе бизге каршы биригүү бар деп түшүнүү динге да туура келбеген, акылга да сыйбаган нерсе. Ошондой

эле ал аракет кээ бир учурда ийгиликке жетсе, кээ бирде ийгиликсиз болуп, кээде аны ишке ашырууну каалагандардын өзүлөрүнө зыяны тие тургандыгын билүүбүз, бул биригүүнү коркунучтуу кылып көрсөткөн жана аны эч зыяны тийбей тургандай кылып көрсөткөн бири-бирине карама-каршы келген эки тараптын оюна таянбастан мамиле кылып, мындайча айтканда өзүнүн акыйкаттагы абалында кабыл алып, анын майда-чүйдөсү менен алектенбестен, башкалар менен күрөшүү жана келишүү мыйзамдарына көбүрөөк көңүл буруп, бардык каталарыбыздын жана алсыздыгыбыздын күнөөкөрү динге зыян келтирүүнү каалагандар деп эсептебешибиз зарыл.

Исламга зыян келтирүүнү каалагандардын аракетинен коркунучтуураак болгон нерсе бул ага шалаакылык кылуунун курмандыгы болуу, же болбосо ага туура эмес мамиле кылуу, же Кудуреттүү жана Улуу Алла аткарууга буюрган себептерге кош көңүл мамиле жасоо.

96. ПАЙДАЛУУ КАРАМА-КАРШЫЛЫКТАР

Үгүт ишин алып баргандардын арасында исламга каршы күчтөр үзгүлтүксүз абалда биригип бир катарда турат деген жаңылыш ойлор жашап келет. Чындыгында, ал күчтөр кээде исламга каршы биригишсе, кээде бирикпей, ал эмес кээ кезде эмнелер түрткү болгондугуна карабастан, алар исламга жана мусулмандарга пайда алып келе турган позицияларды ээлешүүдө. Мусулмандар аларга каршы турган күчтөрдү изилдеп, алардын ортосундагы болгон карама-каршылыктарды дааналап түшүнүп, аларды мусулман өлкөлөрүнүн жана элдеринин пайдасына колдонуусу зарыл. Ал эми аны жалпылаштыруу оюна терең чөмүлүү, бул Алла Тааланын мыйзамына, мурдагы жана учурдагы тарыхый фактыларга каршы келип, терең ой жүгүртпөгөндүккө жатат. Мындай ойдун ээлери акылды иштетип, карама-каршылыктарды туура пайдаланып, чечимдерди табууга аракет кылуудан качууну каалашууда. Ошондой эле ал өзүн-өзү алдоо болуп, алар жалкоолугу жана коркоктугу үчүн Алланын алдында акталууга татыктуубуз, себеби биз каршы тура албагыдай күчтөр менен күрөшүүдөбүз деп өзүлөрүн ишендирүүдө.

СОҢКУ СӨЗ

Коммунизм XX кылымдын аягында кулады, батыштагы капитализм бүгүнкү күндө кыйын кезеңдерди башынан өткөрүүдө. Анын маанилүү жоболору тайып, негизги эрежелеринин тууралыгы күмөндүү болуп калды. Азыркы мезгилде Батыштын башкаларга үстөмдүк кылуусуна өбөлгө түзгөн күчүнүн жана ийгиликтүүлүгүнүн себептеринин солгундай баштаганы байкалууда. Ошондой эле күнүгө анын абалынын начарлашынын жаңы себептери маалым болууда. Кудуреттүү жана Улуу Алланын мыйзамдары убакыттын өтүшү менен өзгөрбөйт жана бирөөнүн тарабына өтпөйт.

Оо, ислам динине үгүттөөчүлөр, адамзатты куткарууга өбөлгө түзгөн мүмкүнчүлүктөрү бар силерден башка адам калган жок. Ошондуктан бул дүйнө кемесин башкарган капитан болуп, диниңердин, жашап жаткан мезгилиңердин талабына жооп бергиле. Ошондо өзүңөргө, мусулмандарды жана мусулман эместерди өз ичине камтыган бардык адамзатка жакшылык кылган болосуңар.

Силердин жоопкерчилигиңер, белгилүү мезгил, же аймак, же адамдар менен чектелбейт, силердин үгүтүңөр мээримдүүлүк, жеңилдетүү өзгөчөлүгүнө ээ болгон шариат, кыйынчылыктарды жоюу, чынжырдан бошотуу, бардык жерлердеги бардык адамдарга боорукерлик менен мамиле кылуу чакырыгы, ошондуктан өз милдетиңерди өтө жакшы түшүнүүңөр керек.

Ошондой эле сот эмес - үгүттөөчү болууну, кыйратуучу эмес – оңдоп-түзөөчү, талкалоочу эмес - курууучу, жек көрүүчү эмес - боорукерлик кылуучу болууну, кылмышкерди колго түшүрүүнү каалаган түрмөчүдөй, өч алууну каалаган кеги бар адамдай болбой, ата өз балдарына, доктур оорулууга мамиле кылгандай иш алып барууну үйрөнүүңөр керек. Бул нерселерди аткарганыңарда силер өзүңөр туура жолдо болуп, башкаларды туура жолго баштап, Кудуреттүү жана Улуу Алланын пенделерине эң пайдалуусу болосуңар. Жаратылгандарга пайдалууараагы Аллага сүйүктүүрөөгү. Мына ошондо элдер өз каалоолору менен жакшылыкка, туура жолго, тынчтыкка баштоо бийлигин силерге сунат.

Бул жободо сунушталып жаткан эрежелердин тобу камтылган, алар башынан аягына чейин узак тажрыйбанын, китептерге үзгүлтүксүз көз жүгүртүүнүн, терең изилдөөнүн, баштан өткөн кыйынчылыктардын, байкоонун жыйынтыгын түзөт. Бул эрежелер жалпы мусулмандарга, алардын ичинен өзгөчө даанышмандарына үгүт ишин алып барууда таянган жобо, өзүнө түшүнүктү камтып, жашоодо ишке ашыруунун жолун көрсөткөн конституция, анын натыйжасында макулдашылган нерселердин, туура иштердин саны өсүп, натыйжалуулугу жогорулап, келишпестиктердин, туура эмес иштердин саны азайып, аракетсиздиктин жоюлушуна алып келет.

Бул жобо ислам жаатында эмгектенгендер тарабынан терең изилдөөгө алынып, анын негизинде ага кошумча же кыскартуу тууралуу, бириктирүү, өзгөртүү, орун алмаштыруу, тууралоо, сунуш киргизүү өңдүү нерселер ишке ашат деген үмүт бар.

Урматтуу бир туугандарыбыздын бизге жазган каттарына өзгөчө көңүл буруп жана алкышка татый тургандыгын убада кылуу менен бирге, бул китепке алардан бизге, ошондой эле бизден аларга багытталгандай мамиле кылып, каалагандарынын бардыгын ачык жазууларын өтүнөбүз. Ал үчүн чоң ыраазычылык билдирип, соопторго ээ болушуна тилектешпиз. Ойлордун ачык айтылып, ачык талкууланышы иштин туура жана туура эмес жактарын билүү үчүн эң жакшы ыкма. Китеп кемчиликсиз болуусуна жакындатыш, анын натыйжасында ислам уюмдарында колдонууга татыктуу болуусу үчүн үгүт ишин алып баруу майданына тиешеси бар адамдардын ойлорунан пайда алып, анын деңгээлин жогорулатуу максатында жигердүүлүктү өстүрүүнү кааладык. Ал биздин ошол уюмдарга болгон белегибиз, ар бир уюм өзгөчөлүгүнө жараша өзүнө ылайыктуусун алып, кошумчалап, андан ары өнүктүрөт деген ойдобуз. Кудуреттүү жана Улуу Алланын каалоосу менен бул нерседе көп жакшылыктар бар.

Жардам жана ийгилик бир Алладан. Кемчиликтен таза Жараткандан Анын ыраазычылыгына жеткире турган иштерди кылууга ийгилик берүүсүн, бизди Ага баш ийүүдө болуубузга (жардам берүүнү) суранабыз. Чындыгында, Ал бардык нерсеге Кудуреттүү.

ТЕРМИНДЕРДИН СӨЗДҮГҮ

Та’сийл: (сөзмө-сөз) жерлеш же тамырлаш. Заманбап маселе бою нча “исламдык негизди” бекемдөө үчүн исламдык ыкма жана методо логия болуп эсептелет. Э.В. Лейндин арабча-англисче лексиконунда бул сөз үчүн түшүрмөдөн башка, так эквиваленттүү котормо сунушт албайт.Анда:«Аланыбашканерсеникуруучүн мүмкүнболгонбе кем же туруктуу, тамыры же пайдубалыкатары жараткан», - деп ай тылат. “Исламий негиз”.

Таухид: (сөзмө-сөз) биригүү үчүн. Исламдык TawhÏd түшүнүгү - бул Кудайдын бирдиги, Жалгыз Кудайга сыйынуу, монотеизм жөнүндө негизги окуу жана негиздөөчү ишеним.

Үммөт (сөзмө-сөз:Умма): Жамаат, улут. Тактап айтканда, ыймандуулар жамааты же жалпы мусулман жамааты.

‘Умран: Цивилизация; адамзаттын гүлдөп өнүгүшү.

Уссул аль-Фикх: Ислам юриспруденциясынын негиздери, укук философиясы; Ислам булактарынан мыйзам чыгаруу, юридикалык жана конституциялык күчүн аныктоо методикасы. (Al Ussul): Тамыры, келип чыгышы, булагы; принцип.

Бул изилдөө билимге жана тажрыйбага, сезимдерге жана стратегиялык пландаштырууга негизделип, үгүт ишинин басып өткөн жолуна анализ жүргүзүүнү максат кылат. Ошондой эле, үгүт ишинин деңгээлин жогорулатууга мүмкүнчүлүк түзө турган, жер үстүндө орун басарлык милдетти аткарууда инсандык иш-аракет сырларын ачуу үчүн илимий-методикалык, практикалык механизмдерди иштеп чыгуу максатында бул көрүнүштүн цивилизациялык маанидеги ордун изилдейт.

Хишам Яхья аль-Талиб

Хишам аль-Талиб 1940-жылы Ирактагы Ниневия провинциясынын Мосул шаарында төрөлгөн. 1962-жылы Ливерпуль университетинин электр инженериясы адистигин аяктап, бакалавр даражасына ээ болгон. 1974-жылы АКШдагы Индиана штатынын Лафет шаарынын Бордо университетинин электр инженериясы адистиги боюнча доктор илимий даражасын жактаган. Исламдык коомдук иш-аракеттерин Түндүк Америкада баштап, ушул күнгө чейин бул чөйрөдө иш жүргүзүп келет. Көптөгөн ислам уюмдарында түрдүү кызматтарды аркалаган. Ал АКШ жана Канадада Мусулман жаштар уюмунун лидерликке машыктыруу боюнча башкаруучунун кызматын биринчилерден болуп аткарып келген (1975-1977ж.ж.), ошондой эле Бүткүл дүйнөлүк жаштар уюмдарынын бирикмесинин башкы катчысынын кызматын аркалап (1976-ж.), Америкада жана андан сырткары башка өлкөлөрдө лидерликке машыктыруу боюнча көптөгөн курстарды уюштурган.

1981-жылдан бери Бүткүл дүйнөлүк ислам ой мурасы институтунун мүчө-негиздөөчүсү болуп келет. Анын калемине көптөгөн чыгармалар таандык. «Мусулмандарды лидерликке машыктыруу боюнча маалыматнаама» эмгеги бүгүнкү күнгө чейин 20дан ашуун тилге которулду. Ошондой эле, «Ата-эне менен баланын мамилеси. Балдарды тарбиялоодогу сабактар» аттуу китеби бир нече тилге, анын ичинде кыргыз жана тажик тилдерине да которулду. Учурда Хишам аль-Талиб Вашингтондо жайгашкан Бүткүл дүйнөлүк ислам ой мурасы институтун жетектеп келет.

Ислам ойлору Эл аралык институту